القرغيزية
Kyrgyz

مترجم لعدة لغات

صحيح الدعاء والثناء على الله تعالى

# Сахих дубалар жана Аллах Таалага мактоо сөздөрү

Доктор Абдуллах бин Хамууд аль-Фурайх

د. عبدالله بن حمود الفريح

- Дубанын адептери
- Аллах Тааланы мактоо сөздөрү
- Кураандан дубалар
- Намазда окула турган дубалар
- Пайгамбарыбыздан мурас дубалар
- Пайгамбарыбыздын коргоо тилеген дубалары
- Рукья (дем салуу) дубалары
- Эртели-кеч окула турган дубалар



Тиешелүү теманы басып, ошол темага тиешелүү дубаларга жана зикирлерге өтүңүз

doa.eqtidaa.com

بسم الله الرحمن الرحيم

# Киришүү

Ааламдардын Жаратуучусу Аллахка мактоолор! Анын элчисине, элчисинин үй-бүлөсүнө жана сахабаларына Аллахтын салават-саламдары болсун!

Бул китепче төмөндөгү улук маанилүү ар кандай дубаларды өз ичине камтыган: Аллах Таалага мактоо дубалары, Кураандан алынган дубалар, пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва саллам ар дайым окуп жүргөн жана коргоо тилеген

дубалар, шариятка (сүннөткө) ылайык рукья дубалары, эрте менен жана кечинде окула турган дубалар жана зикирлер...

Ошондой эле бул китепчеде дуба кылуунун адептерин баяндап, мусулман бурадарым Кураан-Сүннөттө келген жана көп маанилерди өзүнө камтыган дубалар менен Раббисине кайрылуусу үчүн жалаң сахих булактарда келген дубаларды тандап алдым.

Ар бир дубанын арабча тексти, кыргызча котормосу жана анын кандай окулушун

(транскрипциясын) да жазып чыгууга жетиштик. Дубалар кайсы булактан алынганын китептин аягында көргөздүм.

Аллах Таалага жалынып, бул амалымды Өзүнүн ыразычылыгы үчүн болгон амалдардан кылуусун суранамын!

Сөзүмдүн акырында пайгамбарыбыз Мухаммадга, анын үй-бүлөсүнө жана сахабаларына Аллахтын салават-саламдарын жолдоймун!

*Д. Абдуллах бин Ҳамууд ал-Фурайх*

# Дубалар астанасында…

О, мусулман бурадар! Сен Аллахка муктаж, Ал болсо сага эч бир нерседе муктаж эмес. Сага сахих дубаларды сунуштап жатамын, аларга жан-дилиң менен даярдан! Анткени, бул дубалар бардык жакшылыктарды өз ичине камтыган. Кудуретиң жетсе, аларды жаттап алууга тырыш! Бул дубалардын жардамы менен сен бардык тилектериңе жетишиң мүмкүн! Себеби, алар кыска болгону менен мааниси улук жана кенен! Алардын кабыл болушу үчүн жүрөгүң сергек жана башың Раббиңдин алдында ийилген болушу жетиштүү!

# Дуба кылуунун адептери

**Биринчиден,** пенде дубаны Аллах үчүн гана (ихлас менен) кылуусу важып. Ал анык билиши керек: анын дубасына Аллах гана жооп бере алат! Ошондуктан Аллахтан башкага дуба менен кайрылбасын!Аллах менен өзүнүн ортосуна эч кимди – пайгамбарды да, периштени да, олуянын арбагын да койбостон, түздөн-түз Аллахтын Өзүнөн сурасын! Аллах Таала айткан:

﴿فَٱدۡعُواْ ٱللَّهَ مُخۡلِصِينَ لَهُ ٱلدِّينَ﴾ [غافر: ١٤]

“Аллахтын Өзүнө гана дуба кылгыла жана дин-ибадатыңарды Ага гана арнагыла!” *(Гаафир: 14)*

**Экинчиден,** ушул нерсени унутпаңыз: ар дайым дубада болуу – бул Аллах Таала жакшы көрө турган ибадат. Дубаңыз кабыл болсо да, болбосо да сиз дуба ибадатын аткарганыңыз үчүн сооп ала бересиз.

**Үчүнчүдөн,** Аллах Таала менин дубамды кабыл алат жана Ал сураганымды берүүгө Кудуреттүү деп бекем

ишенишиңиз керек. Сиз өзүңүздү Аллахка жакындаштыра турган эч кимге жана эч нерсеге муктаж эмессиз. Ошондуктан өзүңүз менен Аллахтын арасына ортомчуларды коюу бидьатынан алыс болуңуз! Бул шарияттан эмес!

**Төртүнчүдөн,** сиз канчалык чоң күнөөлөрдү жасоо менен Аллахтан алыстап кетсеңиз да, тооба кылып, Аллахка кайтсаңыз, Ал сүйүнөт. “Менин дубам кабыл болбосо керек” деген ой жана Аллахтан үмүтсүздүк сезими жүрөктө болбошу керек!

Тескерисинче, Аллах Таала – эгер сиздин дубаңызга муктаж болбосо да – Ага кайрылып, сурап жатканыңыздан сүйүнөт. Ушуну унутпаңыз! Аллах Таала айткан:

﴿إِنَّ ٱللَّهَ يَغۡفِرُ ٱلذُّنُوبَ جَمِيعًاۚ﴾ [زمر: ٥٣]

“Албетте, Аллах бардык күнөөлөрдү кечирет” *(Зумар: 53)*.

﴿وَإِذَا سَأَلَكَ عِبَادِي عَنِّي فَإِنِّي قَرِيبٌۖ أُجِيبُ دَعۡوَةَ ٱلدَّاعِ إِذَا دَعَانِۖ﴾ [بقره: ١٨٦]

“О Мухаммад, пенделерим сенден Менин жөнүмдө сураса, айткын: Мен аларга жакынмын. Мага качан бир дуба кылуучу (пендем) дуба кылса, Мен

анын дубасына жооп беремин!” *(Бакара: 186)*.

**Бешинчиден,** дуба кылып жаткан кишинин тамак ашы жана кесиби адал болушу шарт. Эгерде кесиби жана тамак-ашы арам болсо, анда анын дубасы кабыл болбойт! Анткени, Абу Хурайра ривают кылган хадисте пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва саллам мындай деген:

«الرَّجُلَ يُطِيلُ السَّفَرَ أَشْعَثَ أَغْبَرَ، يَمُدُّ يَدَيْهِ إِلَى السَّمَاءِ، يَا رَبِّ، يَا رَبِّ، وَمَطْعَمُهُ حَرَامٌ، وَمَشْرَبُهُ حَرَامٌ، وَمَلْبَسُهُ حَرَامٌ، وَغُذِيَ بِالْحَرَامِ، فَأَنَّى يُسْتَجَابُ لِذَلِكَ؟»:

“Бир киши алыс сапарда. Чачтары тозуган, чаң баскан (муктаж) бир абалда эки колун асманга созуп: “О Раббим! О Раббим...” деп дуба кылып (сурап) жатат. Бирок, анын тамак-ашы, ичкени жана кийгени арамдан! Мунун дубасы кабыл болмок беле?!” *(Муслим: 1015)*

**Алтынчыдан,** дуба кылуучу дубанын адептери менен сүннөттөрүнө көңүл буруусу кажет. Алар төмөндөгүлөр:

1 Намазга даарат алган сыяктуу даарат алып, даарат менен дуба кылуу.

Анткени, Бухари менен Муслим риваят кылган хадисте Абу Мусага анын абасы Абу Амир: “пайгамбардан менин акыма дуба сурап бер” дегени баяндалат. Анан Абу Муса муну айтканда пайгамбарыбыз (ага Аллахтын саламы болсун!) Абу Мусага “суу алып кел!” деп буюрат. Кийин даарат алып, эки колун көтөрүп:

«اللَّهُمَّ اغْفِرْ لِعُبَيْدٍ، أَبِي عَامِرٍ»

“О Аллахым! Убайд Абу Амирдин күнөөлөрүн кечир!

«اللَّهُمَّ اجْعَلْهُ يَوْمَ الْقِيَامَةِ فَوْقَ كَثِيرٍ مِنْ خَلْقِكَ، أَوْ مِنَ النَّاسِ»:

О Аллахым! Кыяматта анын даражасын көп адамдардан бийик кыл!” деп дуба кылат. *(Бухарий: 4323-хадис. Муслим: 2498-хадис)*

2 Кыбылага карап дуба кылуу

3 Эки колду көтөрүү.

Бул экөөнүн сүннөт экенине Абдуллах бин Аббас (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган төмөнкү хадис далил болот. Ал айтты: “Мага бул хадисти Умар бин Хаттап (Аллах андан ыраазы болсун) айтып, мындай деген: “Бадр казаты болгон күн эле. Аллахтын элчиси (ага Аллахтын саламы болсун) миң

чамалуу мушриктерге карады. Сахабалары болгону 319 адам. Ошондо Аллахтын пайгамбары кыбылага жүзүн буруп, эки колун асманга карай көтөрдү жана:

«اللَّهُمَّ أَنْجِزْ لِي مَا وَعَدْتَنِي، اللَّهُمَّ آتِ مَا وَعَدْتَنِي»:

"О Аллахым! Мага убада кылган жеңишиңди бере көр! О Аллахым! Мага убада кылганыңды бере көр!" деп, бийик добуш менен дуба кылды". *(Муслим: 1763)*

4 Дубаны Аллахка мактоо жана Анын пайгамбарына салават айтуу менен баштоо. Далил: Расулуллахтын (ага

Аллахтын саламы болсун) сахабасы Фадала бин Убайд айтты: “Аллахтын элчиси (ага Аллахтын саламы болсун) бир кишинин Аллахка мактоо жана Анын элчисине салават айтпай эле дуба кылып жатканын көрүп: «عَجِلَ هَذَا»: “Бул киши шашып жатат”-деди. Кийин ал кишини чакырып:

«إِذَا صَلَّى أَحَدُكُمْ، فَلْيَبْدَأْ بِتَمْجِيدِ رَبِّهِ جَلَّ وَعَزَّ، وَالثَّنَاءِ عَلَيْهِ، ثُمَّ يُصَلِّي عَلَى النَّبِيِّ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ، ثُمَّ يَدْعُو بَعْدُ بِمَا شَاءَ»:

“Эгерде бириңер дуба кылчу болсоңор оболу Улук Аллахка

мактоо, андан кийин Анын пайгамбарына (ага Аллахтын саламы болсун) салават айтсын, ушундан кийин гана каалаганын сурай берсин!” деди. *(Абу Дауд: 1481. Тирмизи: 3777. Албани сахих деген)*

Аллахка мактоо маселесинде оболу Курaандын башындагы сүрөлөрдө келген Аллахты даңктаган аяттарды окуп, андан кийин Аллахтын пайгамбарына салаваттарды айтып, кийин кайрадан Аллахка мактоо сөздөрдү айтып, андан кийин дуба кылса, кабыл болушуна үмүт чоң.

5 Аллах Таалага жакшы күмөндө болуп, “албетте, тилегимди берет жана дубамды кабыл кылат!” деп бекем ишенүү жана дубанын натыйжасын шаштырбөө. Далил: Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын саламы болсун) мындай дегенин риваят кылган:

«لَا يَزَالُ يُسْتَجَابُ لِلْعَبْدِ، مَا لَمْ يَدْعُ بِإِثْمٍ أَوْ قَطِيعَةِ رَحِمٍ، مَا لَمْ يَسْتَعْجِلْ»:

“Эгер пенде Аллахтан күнөө ишти, тууганчылыкты үзүүнү

сурабаса жана натыйжасын шаштырбаса анын дубалары кабыл боло берет”. Ошондо андан: “О Аллахтын элчиси! Шаштыруу кандай болот?” деп сурашканда,

«يَقُولُ قَدْ دَعَوْتُ وَقَدْ دَعَوْتُ، فَلَمْ أَرَ يَسْتَجِيبُ لِي، فَيَسْتَحْسِرُ عِنْدَ ذَلِكَ وَيَدَعُ الدُّعَاءَ»:

“кайра-кайра дуба кылдым, бирок кабыл болгонун көрбөдүм!” деп айтуу жана дуба кылууну токтотуп коюу”-деп жооп берди. *(Муслим: 2735)*

6 Аллах Таалага Анын көркөм ысым-сыпаттары менен дуба

кылуу. Мында кандай дуба кылса ошого ылайык келген ысым-сыпаттарды тандап алат. Маселен, Аллахтан ырыскы сураса, “Я, Раззак (о ырыскы берүүчү) мага ырыскы бер!” деп сурайт. Эгер ырайым сураса, “Я, Рахман (о Ырайымдуу) мага ырайым кыл!” деп сурайт. Ал эми күч-кудурет сураса, “Я, Азиз (о Күчтүү) мага күч бер!” деп сурайт. Ошондой эле, эгер кечирим сураса, “Я, Гафуур (о Кечирүүчү) мени кечир!” деп, ал эми шыпаа сураса, “Я, Шаафи (о шифаа

берүүчү) деп сурайт, ж.б.у.с. Аллах Таала айткан:

﴿وَلِلَّهِ ٱلۡأَسۡمَآءُ ٱلۡحُسۡنَىٰ فَٱدۡعُوهُ بِهَاۖ﴾ [الأعراف:١٨٠]

“Аллахтын сонун-көркөм ысымдары бар. Ага ошолор менен гана дуба кылгыла!” *(Аьраф:180)*

7 Дуба-тилек сөздөрүн көп кайталоо жана Аллахтан кайра-кайра суроо. Далил: Абдуллах бин Аббас риваят кылган хадисте пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва саллам сахабалары үчүн мындай деп дуба кылганы айтылат:

«اللَّهُمَّ أَنْجِزْ لِي مَا وَعَدْتَنِي، اللَّهُمَّ آتِ مَا وَعَدْتَنِي»:

“О Аллахым! Мага убада кылган жеңишти бере көр! О Аллахым! Мага убада кылганыңды бере көр!” Ал (колун бийик көтөрүп) ушинтип (кайра-кайра) жалына бергенден улам, чапаны желкесинен сыйрылып жерге түштү. Ошондо Абу Бакр келип, чапанын желкесине жаап:

«يَا نَبِيَّ اللهِ كَفَاكَ مُنَاشَدَتَكَ رَبَّكَ»:

“О Аллахтын пайгамбары! Ушунчасы жетиштүү болоттур...” - деди. *(Муслим: 1763)*

Ошондой эле Абу Хурайра

(Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте пайгамбарыбыздын (Ага Аллахтын саламы болсун) Даус уруусуна мындай деп дуба кылганы баяндалат:

«اللَّهُمَّ اهْدِ دَوْساً وائْتِ بهم، اللَّهُمَّ اهْدِ دَوْساً وائت بهم»:

"О Аллахым! Даус уруусун туура жолго башта жана аларды (Мединага) алып кел! "О Аллахым! Даус уруусун туура жолго башта! жана аларды (Мединага) алып кел!" *(Бухарий: 2937. Муслим: 2524)*

8 Дубаны бийик добуш менен эмес, акырын (купуя) добуш менен кылуу. Далил: Аллах Таала айтты:

﴿ٱدۡعُواْ رَبَّكُمۡ تَضَرُّعٗا وَخُفۡيَةًۚ﴾ [الأعراف: ٥٥]

“Раббиңерге жалынып жана купуя түрдө дуба кылгыла!” *(Аьраф: 55)*. Анткени, купуя дубада ихластуулук көбүрөөк болот. Ошондуктан, Аллах Куранда Закария пайгамбардын купуя дубасын мактап:

﴿إِذۡ نَادَىٰ رَبَّهُۥ نِدَآءً خَفِيّٗا ٣﴾ [مريم: ٣]

“Ал Раббисине купуя түрдө жалбарып дуба кылды”-деген.

*(Марям: 3)*. Тафсир имамдары айтат: “Закария ихласты табуу үчүн купуя дуба кылган”.

9 Дуба текстинде Аллахты мактаган сөздөр болушу. Анткени, Аллах пендесинен мактоо сөздөрүн угууну жакшы көрөт жана бул мактоо ибадат болуп саналат. Бирок, Аллах пенденин мактоо сөзүнө муктаж эмес. Бухарий жана Муслимде Ибн Масьуддан мындайча хадис риваят кылынган:

«وَلَا أَحَدٌ أَحَبَّ إِلَيْهِ الْمَدْحُ مِنَ اللهِ وَلِذَلِكَ مَدَحَ نَفْسَهُ»:

“Эч ким мактоону Аллах Таалачалык сүйбөйт. Ошондуктан Ал өзүнө (көп) мактөө сөздөрүн айтат”.

10 Дуба кылуучу дуба кабыл боло турган убакыттарды тандап, ошол убакыттарда дуба кылуусу. Шарият далилдери боюнча дуба кабыл боло турган убакыттар жана шарттар төмөндөгүлөр:

- Азан менен икаматтын (такбирдин) аралыгындагы убакыт
- Түндүн акыркы үчтөн бир бөлүгүндө

- Жума күндө дуба кабыл болчу бир саат бар
- Парыз намаздардан кийин
- Саждада турган убакыт
- Жамгыр жаап турганда
- Мусулмандын кайыптагы (алыстагы) бурадарына кылган дубасы
- Атанын баласына берген бата-дубасы
- Мусапырдан дубасы
- Зулум көргөн кишинин дубасы

صحيح الدعاء والثناء على الله تعالى

# Аят жана хадистерден алынган Аллахка мактоо сөздөрү



Кийинки

Биринчи баракка кайтуу

﴿ٱلۡحَمۡدُ لِلَّهِ رَبِّ ٱلۡعَٰلَمِينَ ۝٢ ٱلرَّحۡمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ ۝٣ مَٰلِكِ يَوۡمِ ٱلدِّينِ ۝٤﴾

[الفاتحة: ٢-٤]

“Ааламдардын Раббиси Аллахка мактоолор! Ал Ырайымдуу, Мээримдүү. Ал – акырет күндүн Падышасы”. *(Фатиха: 2-4-аяттар)*

﴿ٱلۡحَمۡدُ لِلَّهِ فَاطِرِ ٱلسَّمَٰوَٰتِ وَٱلۡأَرۡضِ جَاعِلِ ٱلۡمَلَٰٓئِكَةِ رُسُلًا أُوْلِيٓ أَجۡنِحَةٖ مَّثۡنَىٰ وَثُلَٰثَ وَرُبَٰعَۚ يَزِيدُ فِي ٱلۡخَلۡقِ مَا يَشَآءُۚ إِنَّ ٱللَّهَ عَلَىٰ كُلِّ شَيۡءٖ قَدِيرٞ ١﴾ [فاطر:١]

“Бардык мактоо-даңазалар асмандар жана жердин жаратуучусу Аллахка таандык (Ал) периштелерди эки, үч, төрт канаттуу элчилер кылып жаратты. Аллах (Өзү жараткан) макулуктарда Өзү каалаган нерсени көбөйтөт. Чынында, Аллах ар нерсеге Кудуреттүү!” *(Фаатир: 1)*

﴿ٱلۡحَمۡدُ لِلَّهِ ٱلَّذِي خَلَقَ ٱلسَّمَٰوَٰتِ وَٱلۡأَرۡضَ وَجَعَلَ ٱلظُّلُمَٰتِ وَٱلنُّورَۖ﴾ [الأنعام:١]

“Асмандарды жана Жерди жаратып, нур менен караңгылыктарды бар кылган Аллахка мактоолор!” *(Аньам: 1)*

﴿ٱلۡحَمۡدُ لِلَّهِ ٱلَّذِي لَهُۥ مَا فِي ٱلسَّمَٰوَٰتِ وَمَا فِي ٱلۡأَرۡضِ وَلَهُ ٱلۡحَمۡدُ فِي ٱلۡأٓخِرَةِۚ وَهُوَ ٱلۡحَكِيمُ ٱلۡخَبِيرُ ١﴾ [سبأ:١]

Аллахка мактоо(лор) болсун! (Анткени), асмандардагы жана жердегинин бардыгы Анын мүлкү. Ага Акыретте да мактоолор болсун! Ал Даанышман, Кабардар! *(Сабаь: 1)*

1

«الْحَمْدُ لِلَّهِ حَمْدًا كَثِيرًا طَيِّبًا مُبَارَكًا فِيهِ»

*Альҳамду лиллааҳи ҳамдан касийрон тоййибан мубаарокан фийҳ.*

Аллахка көп, таза, берекеттүү мактоолор болсун!

2

«رَبَّنَا لَكَ الْحَمْدُ مِلْءُ السَّمَاوَاتِ وَالْأَرْضِ، وَمِلْءُ مَا شِئْتَ مِنْ شَيْءٍ بَعْدُ، أَهْلَ الثَّنَاءِ وَالْمَجْدِ، أَحَقُّ مَا قَالَ الْعَبْدُ، وَكُلُّنَا لَكَ عَبْدٌ: اللَّهُمَّ لَا مَانِعَ لِمَا أَعْطَيْتَ، وَلَا مُعْطِيَ لِمَا مَنَعْتَ، وَلَا يَنْفَعُ ذَا الْجَدِّ مِنْكَ الْجَدُّ»

*Роббанаа лакал ҳамду мил’ус самааваати вал-арзи ва мил’у маа ши’та мин шай’ин баъду, аҳлус санааи вал-мажд, аҳаққу маа қоолал ъабду, ва куллунаа лака ъабдун: Аллахумма лаа мааниъа лима аътойта ва лаа муътия ли маа манаъта ва лаа*

*янфаъу зал-жадди минкал жадд.*

О Жараткан! Сага жер-асмандар толо, андан дакенен Өзүң каалаган мейкиндиктер толо мактоолор болсун! Сен гана пендең айткан мактоого ылайык Затсың! Биз – пенделер бардыгыбыз Сенин кулдарың болобуз. О Аллахым! Сен бир нерсе берсең, аны эч ким кайтара албайт! Сен бербей койгон нерсени эч ким бере албайт! Сенин алдыңда улуктарга улуктугу пайда бербейт!

3

«اللَّهُمَّ لَكَ الْحَمْدُ كُلُّهُ، وَإِلَيْكَ يَرْجِعُ الْأَمْرُ كُلُّهُ»

*Аллахумма лакал ҳамду куллуҳуу ва илайка яржиъул амру куллуҳ.*

О Аллахым! Бардык мактоолор Сага! Бардик иштер (кыяматта) Өзүңө кайтат!

4

«اللَّهُمَّ رَبَّنَا لَكَ الحَمْدُ أَنْتَ قَيِّمُ السَّمَوَاتِ
وَالأَرْضِ، وَلَكَ الحَمْدُ أَنْتَ رَبُّ السَّمَوَاتِ
وَالأَرْضِ وَمَنْ فِيهِنَّ، وَلَكَ الحَمْدُ أَنْتَ نُورُ
السَّمَوَاتِ وَالأَرْضِ وَمَنْ فِيهِنَّ، أَنْتَ الحَقُّ،
وَقَوْلُكَ الحَقُّ، وَوَعْدُكَ الحَقُّ، وَلِقَاؤُكَ الحَقُّ،
وَالجَنَّةُ حَقٌّ، وَالنَّارُ حَقٌّ، (وَالنَّبِيُّونَ حَقٌّ،
وَمُحَمَّدٌ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ حَقٌّ) وَالسَّاعَةُ
حَقٌّ، اللَّهُمَّ لَكَ أَسْلَمْتُ، وَبِكَ آمَنْتُ، وَعَلَيْكَ
تَوَكَّلْتُ، (وَإِلَيْكَ أَنَبْتُ) وَإِلَيْكَ خَاصَمْتُ، وَبِكَ
حَاكَمْتُ، فَاغْفِرْ لِي مَا قَدَّمْتُ وَمَا أَخَّرْتُ،

وَأَسْرَرْتُ وَأَعْلَنْتُ، وَمَا أَنْتَ أَعْلَمُ بِهِ مِنِّي، (أَنْتَ المُقَدِّمُ، وَأَنْتَ المُؤَخِّرُ) لاَ إِلَهَ إِلَّا أَنْتَ»

*Аллахумма Роббанаа лакал ҳамду, Анта Қоййимус самааваати вал-арз, ва лакал ҳамду, Анта Роббус самааваати вал-арзи ва ман фийҳинн, ва лакал-ҳамду! Анта Нуурус-самааваати вал-арзи ва ман фийҳинн, Антал Ҳаққу ва қовлукал ҳаққу ва ваъдукал ҳаққу ва лиқооукал ҳаққу вал-жаннату ҳаққун ван-наару ҳаққун (ван-набиййууна ҳаққун ва Муҳаммадун соллаллоҳу алайҳи ва саллама ҳаққун), вас-сааъату ҳаққ. Аллахумма лака*

*асламту ва бика ааманту ва ъалайка таваккалту (ва илайка анабту) ва илайка хоосомту ва бика ҳаакамту, фағфир лий маа қоддамту ва маа аххорту ва асрорту ва аъланту ва маа Анта Аъламу биҳи минний, (антал муққоддиму ва антал муаххиру) лаа илааҳа иллаа Ант.*

О Аллахым! О Парбардигерибиз! Сага мактоолор! Сен асмандарды жана жерди (жалгыз) башкарып туруучусуң! Сага мактоолор! Сен асмандардын, жердин жана ал экөөндө болгон бардык нерселердин Жаратуучусусуң!

Сагамактоолор!Сенасмандардын, жердин жана ал экөөндө болгон бардык нерселердин Нурусуң! Сен Акыйкат кудайсың, Сенин сөзүң дагы акыйкат, убадаң дагы акыйкат, Сага жолугуу дагы акыйкат, Бейиш дагы акыйкат, тозок дагы акыйкат. (Пайгамбарлар дагы акыйкат, Мухаммад саллаллоху алайхи ва салламдын пайгамбарчылыгы дагы акыйкат!) Кыяматтын болоору да акыйкат! О Аллахым! Сага моюн сундум, Сага ыйман келтирдим, Сага өзүмдү тапшырып, тобокел кылдым

жана Сага тообо кылдым! Мен Сен үчүн талашып-тартыштым, Сен үчүн жаман көрдүм жана (иштериме) Сени Хакам-Өкүмдар кылдым! Менин мурда-кийин, жашыруун жана ашкере жасаган күнөөлөрүмдү кечире көр! Аларды Сен менден жакшы билесиң. (Иштерди алдыга жылдыруучу да, артка кетирүүчү да Өзүңсүн!) Сенден башка чыныгы кудай жок!

﴿ٱللَّهُمَّ مَٰلِكَ ٱلۡمُلۡكِ تُؤۡتِي ٱلۡمُلۡكَ مَن تَشَآءُ
وَتَنزِعُ ٱلۡمُلۡكَ مِمَّن تَشَآءُ وَتُعِزُّ مَن تَشَآءُ
وَتُذِلُّ مَن تَشَآءُۖ بِيَدِكَ ٱلۡخَيۡرُۖ إِنَّكَ عَلَىٰ كُلِّ
شَيۡءٖ قَدِيرٞ ٢٦ تُولِجُ ٱلَّيۡلَ فِي ٱلنَّهَارِ وَتُولِجُ
ٱلنَّهَارَ فِي ٱلَّيۡلِۖ وَتُخۡرِجُ ٱلۡحَيَّ مِنَ ٱلۡمَيِّتِ
وَتُخۡرِجُ ٱلۡمَيِّتَ مِنَ ٱلۡحَيِّۖ وَتَرۡزُقُ مَن تَشَآءُ
بِغَيۡرِ حِسَابٖ ٢٧﴾ [آل عمران:٢٦-٢٧]

“О Аллахым! Сен мүлк-бийликти каалаган пендеңе бересиң жана аны каалаган пендеңден тартып аласың. Каалаган пендеңи

күчтүү-кадырлуу, кааалаганыңды кор-төмөн кыласың. Жакшылык Сенин колуңда. Сен бардык нерсеге Кудуреттүүсүң. Түндү күндүз койнуна, күндүздү түн койнуна киргизесиң. Тирүүнү өлүктөн, өлүктү тирүүдөн чыгарасың. Сен каалаган пендеңе эсепсиз ырыскы бересиң”.

Булар Аали Имран сүрөсүнүн эки (26-27) аяты. Дубанын башталган жери билинсин деп “Айт” деген сөз атайлап түшүрүп калтырылды.

5

«اللَّهُمَّ رَبَّ السَّمَوَاتِ وَرَبَّ الْأَرْضِ وَرَبَّ الْعَرْشِ الْعَظِيمِ، رَبَّنَا وَرَبَّ كُلِّ شَيْءٍ، فَالِقَ الْحَبِّ وَالنَّوَى، وَمُنْزِلَ التَّوْرَاةِ وَالْإِنْجِيلِ وَالْفُرْقَانِ، أَعُوذُ بِكَ مِنْ شَرِّ كُلِّ شَيْءٍ أَنْتَ آخِذٌ بِنَاصِيَتِهِ، اللَّهُمَّ أَنْتَ الْأَوَّلُ فَلَيْسَ قَبْلَكَ شَيْءٌ، وَأَنْتَ الْآخِرُ فَلَيْسَ بَعْدَكَ شَيْءٌ، وَأَنْتَ الظَّاهِرُ فَلَيْسَ فَوْقَكَ شَيْءٌ، وَأَنْتَ الْبَاطِنُ فَلَيْسَ دُونَكَ شَيْءٌ، اقْضِ عَنَّا الدَّيْنَ، وَأَغْنِنَا مِنَ الْفَقْرِ»

*Аллахумма Роббас самаавaати ва Роббал арди ва роббал ъаршил*

*ъазийм. Роббанаа ва Робба кулли шай’ин фааликол-ҳабби ван-наваа ва Мунзилат-Тавроота вал-Инжийла вал-Фурқоон. Аъузу бика мин шарри кулли шай’ин Анта аахизум би наасиятиҳ. Аллахумма Антал Аууввалу фа лайса қоблака шай’, ва антал Аахиру фалайса баъдака шай’, ва Антаз Зооҳиру фа лайса фавқока шай’, ва Антал Баатину фа лайса дуунака шай’, иқзи аннад дайна ва ағнинаа минал факр.*

О, жети кабат асмандын жана Улуу Арштын Раббиси! Биздин жана бардык нерселердин Раббиси! Дан менен данектин жаруучусу.

Тоорат, Инжил жана Кураандын түшүрүүчүсү болгон Аллах! Кол астыңдагы бардык нерселердин жамандыгынан Өзүң сакта! О, Аллах! Сен эң Абалкысың - Сенден мурун эч нерсе болбогон. Сен эң Акыркысың – Сенден кийин да эч нерсе болбойт. Сен эң Жогоркусуң – Сенден жогору эч нерсе жок. Сен Тереңсиң – Сенден терең эч нерсе жок. Бизди карызыбыздан кутултуп, кедейликтен сактап, байыта көр!

6

«اللَّهُمَّ إِنِّي أُشْهِدُكَ وَأُشْهِدُ مَلَائِكَتَكَ وَحَمَلَةَ عَرْشِكَ، وَأُشْهِدُ مَنْ فِي السَّمَاوَاتِ وَمَنْ فِي الْأَرْضِ، أَنَّكَ أَنْتَ اللهُ لَا إِلَهَ إِلَّا أَنْتَ وَحْدَكَ لَا شَرِيكَ لَكَ، وَأَشْهَدُ أَنَّ مُحَمَّدًا عَبْدُكَ وَرَسُولُكَ»

*Аллахумма инний ушҳидука ва ушҳиду малааикатака ва ҳамалата ъаршика ва ушҳиду ман фис-самааваати ва ман фил-арзи аннака АнтАллооҳу лаа илааҳа иллаа Анта ваҳдака лаа шарийка лака ва ашҳаду анна Муҳаммадан ъабдука ва росуулук.*

О, Аллах! Чындыгында Сенден башка кудай жок. Сенин шеригиң жок экенине жана Чындыгында Мухаммад саллАллоху алайхи ва саллам Сенин кулуң жана элчиң экендигине Өзүңдү, Аршыңды көтөрүп турган периштелерди, алардан башка да бардык периштелериңди жана Өзүң жараткан нерселердин бардыгын күбө кыламын.

7

«اللَّهُمَّ إِنِّي أَسْأَلُكَ بِأَنِّي أَشْهَدُ أَنَّكَ أَنْتَ اللهُ لاَ إِلَهَ إِلَّا أَنْتَ الأَحَدُ الصَّمَدُ، الَّذِي لَمْ يَلِدْ وَلَمْ يُولَدْ وَلَمْ يَكُنْ لَهُ كُفُوًا أَحَدٌ»

*Аллоҳумма инний ас'алука би-анний ашҳаду аннака анталлооҳу лаа илааҳа иллаа антал аҳадус сомад, аллазий лам ялид ва лам йуулад ва лам якун лаҳуу куфуван аҳад.*

"О Аллахым! Мен Сенин Жеке, Жалгыз, шериксиз, Беймуктаж,

туубаган, туулбаган жана теңи жок Кудай экениңдин урматына Сенден суранамын"

Хадисте келиши боюнча бул дуба Аллахтын Улук Ысымдарынан (исм аазам). Ушул ысым менен дуба кылынса – кабыл болот, суралса – берилет.

8

«لَا إِلَهَ إِلَّا اللّٰهُ الْعَظِيمُ الْحَلِيمُ، لَا إِلَهَ إِلَّا اللّٰهُ رَبُّ الْعَرْشِ الْعَظِيمِ، لَا إِلَهَ إِلَّا اللّٰهُ رَبُّ السَّمَاوَاتِ وَرَبُّ الْأَرْضِ وَرَبُّ الْعَرْشِ الْكَرِيمِ»

*«Лаа илааха иллал-лоохуль-ʼАзиймул-Халийм(у), лаа илаха иллАллоху Роббул-ар-шил-ʼазийм(у), лаа илааха иллал-лооху Роббус-самааваати ва Роббул-арди ва Роббул-ʼАршил-карийм».*

Өтө жумшак пейил жана улуу Аллахтан башка эч бир кудай жок.

Улуу Арштын Раббиси болгон Аллахтан башка эч бир кудай жок. Асмандар менен жердин Раббиси жана ардактуу Арштын Раббиси Аллахтан башка эч бир кудай жок.

Бул дуба кайгы-капа маалында окулат

9

«اللهُ، اللهُ رَبِّي لَا أُشْرِكُ بِهِ شَيْئًا»

*«Аллоху, Аллоху Роббий лаа ушрику бихи шай-ан».*

Аллах, Аллах! О Раббим! Мен Сага эч нерсени шерик кылбаймын!

Бул дуба кайгы-капа маалында окулат

**10**

«لَا إِلَهَ إِلَّا اللهُ وَحْدَهُ لَا شَرِيكَ لَهُ، اللهُ أَكْبَرُ كَبِيرًا، وَالْحَمْدُ لِلهِ كَثِيرًا، سُبْحَانَ اللهِ رَبِّ الْعَالَمِينَ، لَا حَوْلَ وَلَا قُوَّةَ إِلَّا بِاللهِ الْعَزِيزِ الْحَكِيمِ»

*Лаа илааҳа иллаллооҳу ваҳдаҳуу лаа шарийка лаҳ, Аллоҳу Акбару кабийроо, вал-ҳамду лиллааҳи касийроо, субҳааналлоҳи Роббил ъааламийна лаа ҳаула ва лаа куввата иллаа биллааҳил Азийзил Ҳакийм.*

Аллахтан башка чыныгы кудай жок, Ал – Жалгыз. Анын шериги

жок! Аллах эң Улук! Аллахка көп мактоолор болсун! Ааламдардын Жаратуучусу бардык кемчилдиктүү сыпаттардан Аруу! Абалдардын өзгөрүүсү жана күч-кубат Кудуреттүү, Даанышман Аллахтын жардамы менен гана болот!

## 11

«لَا إِلَهَ إِلَّا اللهُ وَحْدَهُ لَا شَرِيكَ لَهُ، لَهُ الْمُلْكُ، وَلَهُ الْحَمْدُ، وَهُوَ عَلَى كُلِّ شَيْءٍ قَدِيرٌ، سُبْحَانَ اللهِ، وَالْحَمْدُ لِلَّهِ، وَلَا إِلَهَ إِلَّا اللهُ، وَاللهُ أَكْبَرُ، وَلَا حَوْلَ وَلَا قُوَّةَ إِلَّا بِاللهِ الْعَلِيِّ الْعَظِيمِ»

*Лаа илааҳа иллалулооҳу ваҳдаҳуу лаа шарийка лаҳуу лаҳул мулку ва лаҳул ҳамду ва ҳува ъалаа кулли шай'ин Кодийр. Субҳааналлооҳи вал-ҳамду лиллааҳи ва лаа илааҳа иллаллооҳу валлоҳу Акбар, ва лаа ҳавла ва лаа қуввата иллаа биллаҳил Алиййил Азийм.*

Аллахтан башка эч бир кудай

жок! Ал жалгыз жана Анын шериги жок. Бардык мүлк жана мактоолор Ага таандык. Жана Ал бардык нерсеге Кадыр. Аллах – Аруу, Ага мактоолор! Эч бир кудай жок – жалгыз Аллах бар. Аллах эң Улук! Ар кандай абалдар жана күч-кубат Улук жана Бийик Аллахтын каалоосу менен!

12

«لَا إِلَهَ إِلَّا اللهُ وَحْدَهُ، أَنْجَزَ وَعْدَهُ، وَنَصَرَ عَبْدَهُ، وَهَزَمَ الْأَحْزَابَ وَحْدَهُ»

*Лаа илааҳа иллаллооҳу ваҳдаҳ, анжаза ваъдаҳ, ва насоро ъабдаҳ, ва ҳазамал аҳзааба ваҳдаҳ.*

Эч бир кудай жок, Аллахтын Өзү бар. Ал жалгыз! Ал Өз убадасына туруп, пендесине нусрат (жардам) берди жана жалгыз Өзү душман топторуна жеңүүчү болду!

13

«اللَّهُمَّ أَنْتَ رَبِّي لاَ إِلَهَ إِلَّا أَنْتَ، خَلَقْتَنِي وَأَنَا عَبْدُكَ، وَأَنَا عَلَى عَهْدِكَ وَوَعْدِكَ مَا اسْتَطَعْتُ، أَعُوذُ بِكَ مِنْ شَرِّ مَا صَنَعْتُ، أَبُوءُ لَكَ بِنِعْمَتِكَ عَلَيَّ، وَأَبُوءُ لَكَ بِذَنْبِي فَاغْفِرْ لِي، فَإِنَّهُ لاَ يَغْفِرُ الذُّنُوبَ إِلَّا أَنْتَ»

*«Аллохумма Анта Робби лаа илааха илла ант(а), холак-таний ва ана `абдук(а) ва анаа `алаа `ахдика ва ва’дика мас-тато’ту, а `уузу бика мин шарри маа сана`ту абуу-у лака бини’матика `алай-йа, ва абуу-у бизам-бий*

*фаг-фирлий фаин-наху лаа ягфируззунууба иллаа Ант».*

О, Аллах! Сен менин Раббимсиң! Сенден башка эч бир кудай жок. Сен мени жараттың. Мен сенин кулуңмун. Мен күч-кудуретим жеткенче сага берген убадамды жана шартымды сактаймын жана жасаган иштеримдин жамандыгынан Сенден коргоо сураймын. Мага берген неъматтарыңды моюнга алам жана күнөөлөрүмдү да мойнума алам. Мени кечире көр. Чындыгында Сенден башка күнөөлөрдү кечирүүчү жок!

14

«اللَّهُمَّ إِنِّي أَسْأَلُكَ بِأَنَّ لَكَ الْحَمْدُ، لَا إِلَهَ إِلَّا أَنْتَ الْمَنَّانُ، بَدِيعُ السَّمَوَاتِ وَالْأَرْضِ، يَا ذَا الْجَلَالِ وَالْإِكْرَامِ، يَا حَيُّ يَا قَيُّومُ»

*Аллахумма инний ас'алука би-анна лакал ҳамду лаа илааҳа иллаа Антал Маннаан, Бадийъус самаавaати вал-арз, йаа зал-жалаали вал-икроoми йаа Хаййу йаа Коййуум!*

О Аллахым! Бардык мактоо Сага гана ылайык болгону, Сенден

башка чыныгы кудай жок болгону себебинен, ошондой эле Сен жакшылык берүүчү, асмандарды жана жерди Жаратуучу болгонуң үчүн Сенден гана суранамын! О улуу-урматтуулуктун Ээси! О түбөлүк тирүү жана түбөлүк (сактап) туруучу!

Хадисте келиши боюнча бул дуба Аллахтын Улук Ысымдарынан (исм аазам). Ушул ысым менен дуба кылынса – кабыл болот, суралса – берилет.

**15**

«سُبْحَانَكَ مَا أَعْظَمَكَ رَبَّنَا»

*Субҳаанака маа аъзомака Роббанаа!*

О Аллахым, Сен бардык кемчилдиктерден Аруу Затсың! О Раббибиз Сен аябай Улуусуң!

16

«سُبْحَانَ ذِي الْجَبَرُوتِ وَالْمَلَكُوتِ وَالْكِبْرِيَاءِ وَالْعَظَمَةِ»

*Субҳаана зил-жабаруути вал-малакуути вал-кибрийааи вал-ъазомаҳ.*

Бардык улуулуктун, чоңдуктун жана бардык мүлктүн Ээси болгон Аллах бардык кемчилдиктерден Аруу Зат!

17

«اللّٰهُ أَكْبَرُ اللّٰهُ أَكْبَرُ اللّٰهُ أَكْبَرُ ذُو الْمَلَكُوتِ وَالْجَبَرُوتِ وَالْكِبْرِيَاءِ وَالْعَظَمَةِ»

*Аллоҳу акбар, Аллоҳу акбар, Аллоҳу акбару зул-малакуути вал-жабаруути вал-кибрийааи вал-ъазомаҳ.*

Аллах эң Улук (3 ирет). Ал бардык улуулуктун, чоңдуктун жана бардык мүлктүн Ээси!

## 18

«اللهُ أَكْبَرُ كَبِيرًا، وَالْحَمْدُ لِلّٰهِ كَثِيرًا، وَسُبْحَانَ اللهِ بُكْرَةً وَأَصِيلًا»

*«Аллоху акбару кабиира, вал-хамду лиллаахи касии-ра, ва суб-хаанал-лоохи букротав ва асиила!»*

Аллах эң Улук! Аллахка сансыз мактоо-даңк! Мен эрте менен жана кечинде Аллахты бардык кемчилик сыпаттардан аруулаймын.

## Дуба кылуучу Аллахка мактоо айткандан кийин пайгамбарыбызга (ага Аллахтын саламы болсун) төмөндөгүчө салават айтуусу мустахаб:

«اللَّهُمَّ صَلِّ وَسَلِّم عَلَى مُحَمَّدٍ وَعَلَى آلِ مُحَمَّدٍ، كَمَا صَلَّيْتَ عَلَى إِبْرَاهِيمَ، وَعَلَى آلِ إِبْرَاهِيمَ، إِنَّكَ حَمِيدٌ مَجِيدٌ»

Окулушу: *Аллахумма солли ва саллим ъалаа Муҳаммадин ва ъалаа аали Муҳаммад, камаа соллайта ъалаа Иброҳийма ва ъалаа аали Иброҳийм, иннака*

*Хамиидум Мажийд.*

“О Аллахым! Ибрахимге жана анын үй-бүлөсүнө ырайым кылганың сыяктуу Мухаммадга жана анын үй-бүлөсүнө да ырайым кыл! Сен мактоого арзыган, Улук Затсың!”

صحيح الدعاء والثناء على الله تعالى

# Кураандан дубалар

Кийинки

Биринчи баракка кайтуу

1

﴿حَسۡبِيَ ٱللَّهُ لَآ إِلَٰهَ إِلَّا هُوَۖ عَلَيۡهِ
تَوَكَّلۡتُۖ وَهُوَ رَبُّ ٱلۡعَرۡشِ ٱلۡعَظِيمِ ١٢٩﴾

[التوبة:١٢٩]

“Мага Аллах жетиштүү. Эч бир сыйынууга татыктуу кудай жок, Анын Өзү гана бар! Өзүнө тобокел кылдым. Жана Ал Улуу Арштын Раббиси!” *(Тауба: 129)*

2

﴿لَّآ إِلَٰهَ إِلَّآ أَنتَ سُبۡحَٰنَكَ إِنِّي كُنتُ مِنَ ٱلظَّٰلِمِينَ ٨٧﴾ [الأنبياء:٨٧]

«Өзүңдөн башка илах жок. (О, Раббим!) Сен Аруу-Таза Кудайсың! Мен заалымдардан болуп калдым!» *(Анбия: 87)*

3

﴿رَبِّ ٱجۡعَلۡنِي مُقِيمَ ٱلصَّلَوٰةِ وَمِن ذُرِّيَّتِيۚ رَبَّنَا وَتَقَبَّلۡ دُعَآءِ ٤٠﴾ [إبراهيم:٤٠]

“О Раббим! Мени жана менин урпактарымды намаз окуучу кыл! О Раббибиз, дубабызды кабыл кыл!” *(Ибрахим: 40)*

4

﴿هُنَالِكَ دَعَا زَكَرِيَّا رَبَّهُۥۖ قَالَ رَبِّ هَبۡ لِي مِن لَّدُنكَ ذُرِّيَّةٗ طَيِّبَةًۖ إِنَّكَ سَمِيعُ ٱلدُّعَآءِ ٣٨﴾ [آل عمران:٣٨]

“О, Раббим! Мага да Өзүңдүн дар¬гөйүңдөн пакиза бир урпак бере көр! Албетте, Сен дубаны Угуучусуң!” *(Аалу Имран: 38)*

5

﴿رَبَّنَا ٱغۡفِرۡ لَنَا ذُنُوبَنَا وَإِسۡرَافَنَا فِيٓ أَمۡرِنَا وَثَبِّتۡ أَقۡدَامَنَا وَٱنصُرۡنَا عَلَى ٱلۡقَوۡمِ ٱلۡكَٰفِرِينَ ١٤٧﴾ [آل عمران:١٤٧]

“О, Раббибиз! Биздин күнөөлөрүбүздү, ысырапатарыбызды кечир! Жана кадамдарыбызды бекем кыл! Каапыр коомго каршы бизге жардам бер!” *(Аалу Имран: 147)*

6

﴿رَّبِّ ٱغۡفِرۡ وَٱرۡحَمۡ وَأَنتَ خَيۡرُ ٱلرَّٰحِمِينَ ١١٨﴾ [المؤمنون:١١٨]

“О Раббим! Мени кечир жана ырайым кыл! Сен ырайым кылуучулардын эң жакшысысың!” *(Муьминун: 118)*

7

﴿رَبِّ إِنِّي ظَلَمۡتُ نَفۡسِي فَٱغۡفِرۡ لِي﴾ [القصص:١٦]

“О Раббим! Мен өзүмө зулум кылып алдым! Мени кечир!” *(Касас: 16)*

8

﴿رَبَّنَآ أَفۡرِغۡ عَلَيۡنَا صَبۡرٗا وَثَبِّتۡ أَقۡدَامَنَا وَٱنصُرۡنَا عَلَى ٱلۡقَوۡمِ ٱلۡكَٰفِرِينَ ٢٥٠﴾

[البقرة: ٢٥٠]

“О, Рабби! Үстүбүздөн сабыр - чыдамкайлык жаадыр, кадамыбызды бекем кыл жана каапыр коомдордун үстүнөн жеңиш бере көр!” *(Бакара: 250)*

9

﴿رَبَّنَا لَا تُزِغْ قُلُوبَنَا بَعْدَ إِذْ هَدَيْتَنَا وَهَبْ لَنَا مِن لَّدُنكَ رَحْمَةً ۚ إِنَّكَ أَنتَ ٱلْوَهَّابُ ﴿٨﴾﴾ [آل عمران:٨]

“О, Рабби! Бизди Туура Жолго салганыңдан кийин жүрөктөрүбүздү адаштырба! Жана бизге Өзүңдүн ырайым-рахматыңды белек кыл! Ал¬бет¬те, Сен белектерди көп берүүчү – Ваххаб¬сың!” *(Аалу Имран: 8)*

## 10

﴿رَبِّ ٱشۡرَحۡ لِي صَدۡرِي ﴿٢٥﴾ وَيَسِّرۡ لِيٓ أَمۡرِي ﴿٢٦﴾﴾ [طه:٢٥-٢٦]

“О Раббим! Менин көөдөнүмдү ач, ишиме жеңилдик бер!” *(Таха: 25-26)*

## 11

﴿مَسَّنِيَ ٱلضُّرُّ وَأَنتَ أَرۡحَمُ ٱلرَّٰحِمِينَ ﴿٨٣﴾﴾ [الأنبياء:٨٣]

“Мени зыян кармады (аны арылта көр!) Сен ырайымдуулардын эң ырайымдуусусуң!” *(Анбия: 83)*

## 12

﴿رَّبِّ أَعُوذُ بِكَ مِنۡ هَمَزَٰتِ ٱلشَّيَٰطِينِ ۝٩٧ وَأَعُوذُ بِكَ رَبِّ أَن يَحۡضُرُونِ ۝٩٨﴾

[المؤمنون:٩٧–٩٨]

«О, Раббим! Мен шайтандардын азгырыгынан коргоо тилеп Өзүңө жалбарамын! О, Раббим! Алар (менин ишимдин үстүндө) ар дайым болуусунан коргоо тилеп Өзүңө жалбарамын!” *(Муьминун: 97-98)*

13

﴿رَبَّنَا ٱصۡرِفۡ عَنَّا عَذَابَ جَهَنَّمَۖ إِنَّ عَذَابَهَا كَانَ غَرَامًا ٦٥﴾ [الفرقان:٦٥]

«О, Раббим! Бизден тозок азабын арылта көр! Анын азабы түгөнгүс!» *(Фуркан: 65)*

14

﴿وَسِعَ رَبُّنَا كُلَّ شَيۡءٍ عِلۡمًاۚ عَلَى ٱللَّهِ تَوَكَّلۡنَاۚ رَبَّنَا ٱفۡتَحۡ بَيۡنَنَا وَبَيۡنَ قَوۡمِنَا بِٱلۡحَقِّ وَأَنتَ خَيۡرُ ٱلۡفَٰتِحِينَ٨٩﴾ [الأعراف:٨٩]

“Раббибиздин илими ар нерсени камтып алган. Биз Аллахка таяндык! О, Раббибиз! Биз менен (каапыр) коомубуздун арасын акыйкаттык менен ачып (өкүм кылып) кой! Сен эң жакшы өкүм кылуучусуң!” *(Аьраф: 89)*

15

﴿ٱرۡزُقۡنَا وَأَنتَ خَيۡرُ ٱلرَّٰزِقِينَ ١١٤﴾

[المائدة: ١١٤]

О Аллахым! Бизге ырыскы бер! Сен эң жакшы ырыскы берүүчүсүң!” *(Маида: 114)*

16

﴿رَبَّنَآ ءَاتِنَا مِن لَّدُنكَ رَحۡمَةٗ وَهَيِّئۡ لَنَا مِنۡ أَمۡرِنَا رَشَدٗا ١٠﴾ [الكهف: ١٠]

«Оо, Рабби! Бизге Өзүңдөн ырайым (коргоо) жибер! Жана ишибизди оңунан келтирип, жеңил кыла көр!» *(Кахф: 10)*

**17**

﴿رَبِّ هَبۡ لِي حُكۡمٗا وَأَلۡحِقۡنِي بِٱلصَّٰلِحِينَ ٨٣﴾ [الشعراء:٨٣]

“О, Раббим! Мага өкүм(дөрдү билдире турган көп илим) бергин жана (өткөн) салих адамдарга (пайгамбарларга) кошкун!” *(Шуара: 83)*

**18**

﴿رَّبِّ زِدۡنِي عِلۡمٗا﴾ [طه:١١٤]

“О Раббим! Менин илимимди көбөйт!” *(Та-ха: 114)*

19

﴿رَبِّ إِنِّي لِمَآ أَنزَلۡتَ إِلَيَّ مِنۡ خَيۡرٖ فَقِيرٞ ٢٤﴾ [القصص: ٢٤]

“О Раббим! Мага жибере турган жакшылыктарыңа муктажмын!” *(Касас: 24)*

20

﴿رَبَّنَا هَبْ لَنَا مِنْ أَزْوَٰجِنَا وَذُرِّيَّٰتِنَا
قُرَّةَ أَعْيُنٍ وَٱجْعَلْنَا لِلْمُتَّقِينَ إِمَامًا ﴿٧٤﴾﴾

[الفرقان: ٧٤]

«О, Рабби! Бизге (көргөндө) көзүбүз кубана турган жубайларды жана урпактарды белек кыл! Жана бизди такыба кишилерге имам (жол башчы) кыл» *(Фуркан: 74)*

**21**

﴿رَبِّ أَوْزِعْنِيٓ أَنْ أَشْكُرَ نِعْمَتَكَ ٱلَّتِيٓ أَنْعَمْتَ عَلَيَّ وَعَلَىٰ وَٰلِدَيَّ وَأَنْ أَعْمَلَ صَٰلِحًا تَرْضَىٰهُ وَأَدْخِلْنِي بِرَحْمَتِكَ فِي عِبَادِكَ ٱلصَّٰلِحِينَ ١٩﴾ [النمل:١٩]

«О, Раббим! Мага жана ата-энеме берген нээматтарыңа шүгүр кылууга жана Өзүң ыраазы боло турган иштерди аткарууга мени жөндөмдүү кыл жана салих пенделериңдин катарында Өз ырайымыңдын астына киргиз!» *(Намл: 19)*

22

﴿رَبَّنَا تَقَبَّلۡ مِنَّآۖ إِنَّكَ أَنتَ ٱلسَّمِيعُ ٱلۡعَلِيمُ ١٢٧﴾ ﴿وَتُبۡ عَلَيۡنَآۖ إِنَّكَ أَنتَ ٱلتَّوَّابُ ٱلرَّحِيمُ ١٢٨﴾ [البقرة:١٢٧-١٢٨]

“О, Раббим! Биздин тообаларыбызды кабыл кыл! Албетте, Сен тообаны кабыл кылуучу, Мээримдүүсуң!”

*(Бакара: 128)*

صحيح الدعاء والثناء على الله تعالى



# Намаздагы дубалар

Кийинки

Биринчи баракка кайтуу

**1**

«اللَّهُمَّ بَاعِدْ بَيْنِي وَبَيْنَ خَطَايَايَ كَمَا بَاعَدْتَ بَيْنَ الْمَشْرِقِ وَالْمَغْرِبِ، اللَّهُمَّ نَقِّنِي مِنْ خَطَايَايَ كَمَا يُنَقَّى الثَّوْبُ الْأَبْيَضُ مِنَ الدَّنَسِ، اللَّهُمَّ اغْسِلْنِي مِنْ خَطَايَايَ بِالثَّلْجِ وَالْمَاءِ وَالْبَرَدِ»

*Аллахумма бааъид байний ва байна хотоойаая камаа бааъадта байнал-машриқи вал-мағриб, Аллахумма наққиний мин хотоойаая камаа юнақос савбул абязу минад данас, Аллахуммағсилний мин хотоойаая*

*бис-салжи вал-маа’и вал-барод.*

“Оо, Аллахым! Мени менен каталарымдын арасын Батыш менен Чыгыштын арасындай алыс кыл! Менин дилимди кар жана мөндүрдүн суусу менен жуу! Ак чапанды кирден тазалаган сыяктуу менин жүрөгүмдү каталардан тазала!”

Бул – намазга киришүү маалында окула турган дубалардын бири

## 2

«اللَّهُمَّ رَبَّ جَبْرَائِيلَ، وَمِيكَائِيلَ، وَإِسْرَافِيلَ، فَاطِرَ السَّمَاوَاتِ وَالْأَرْضِ، عَالِمَ الْغَيْبِ وَالشَّهَادَةِ، أَنْتَ تَحْكُمُ بَيْنَ عِبَادِكَ فِيمَا كَانُوا فِيهِ يَخْتَلِفُونَ، اهْدِنِي لِمَا اخْتُلِفَ فِيهِ مِنَ الْحَقِّ بِإِذْنِكَ، إِنَّكَ تَهْدِي مَنْ تَشَاءُ إِلَى صِرَاطٍ مُسْتَقِيمٍ»

*Аллахумма Робба Жаброоийла ва Мийкааийла ва Исроофийл, Фаатирос самааваати вал-арзи Аалимал ғойби ваш-шаҳаадати, Анта таҳкуму байна ъибаадика фиймаа каануу фийҳи яхталифуун,*

*иҳдиний лимахтулифа фийҳи минал-ҳаққи би изник, иннака таҳдий ман ташааау илаа сироотим мустақийм.*

“О, Аллах! Жебрейил, Мекаил, Исрафил периштелеринин Раббиси жана асмандар менен Жердин жаратуучусу! Ашкере жана жашыруун (иштердин) кабарын билүүчү Зат! Сен пенделериң өз ара келише албай калган иштерге өкүм чыгарасың. Өз каалооң менен талаш маселелерден акыйкат жолуна баштай көр. Сен эч шексиз каалаган адамыңды туура жолго

салуучусуң”

Бул дагы намазга киришүү дубаларынан. Айрыкча түнкү намаздарга киришүү маалында окулат. Ошондой эле акыйкат күмөндүү болгондо жана жүрөккө шек-күмөн аралаганда окулат.

3

«وَجَّهْتُ وَجْهِيَ لِلَّذِي فَطَرَ السَّمَاوَاتِ وَالْأَرْضَ حَنِيفًا، وَمَا أَنَا مِنَ الْمُشْرِكِينَ، إِنَّ صَلَاتِي، وَنُسُكِي، وَمَحْيَايَ، وَمَمَاتِي لِلَّهِ رَبِّ الْعَالَمِينَ، لَا شَرِيكَ لَهُ، وَبِذَلِكَ أُمِرْتُ وَأَنَا مِنَ الْمُسْلِمِينَ، اللَّهُمَّ أَنْتَ الْمَلِكُ لَا إِلَهَ إِلَّا أَنْتَ أَنْتَ رَبِّي، وَأَنَا عَبْدُكَ، ظَلَمْتُ نَفْسِي، وَاعْتَرَفْتُ بِذَنْبِي، فَاغْفِرْ لِي ذُنُوبِي جَمِيعًا، إِنَّهُ لَا يَغْفِرُ الذُّنُوبَ إِلَّا أَنْتَ، وَاهْدِنِي لِأَحْسَنِ الْأَخْلَاقِ لَا يَهْدِي لِأَحْسَنِهَا إِلَّا أَنْتَ، وَاصْرِفْ عَنِّي سَيِّئَهَا لَا يَصْرِفُ عَنِّي سَيِّئَهَا إِلَّا أَنْتَ، لَبَّيْكَ وَسَعْدَيْكَ وَالْخَيْرُ كُلُّهُ فِي يَدَيْكَ، وَالشَّرُّ لَيْسَ إِلَيْكَ، أَنَا بِكَ وَإِلَيْكَ،

تَبَارَكْتَ وَتَعَالَيْتَ، أَسْتَغْفِرُكَ وَأَتُوبُ إِلَيْكَ»

*«Важжахту важхия лил-лазий фатарос самааваати валь-арда ханиифаа, ва маа анаа миналь мушрикиин, инна солаатий ва нусукий, ва махйааяя ва мамаатий лиллаахи роббил ааламиин, лаа шариика лаху ва би заалика умирту ва анаа минал муслимиин. Аллохумма антал-малику лаа илааха илаа ант. Анта робии ва анаа абдук, золамту нафсий ва'тарофту би замбий фаг-фирлий зунуубий жамиий'ан иннаху лаа ягфируз – зунууба илаа ант. Вахдиний ли ахсанил*

*ахлааки лаа яхдий ли ахсанихаа иллаа ант, васриф анний саййи-а-ха лаа ясрифу анний саййи-а-ха иллаа ант, лаббайка ва са'дайка вал – хойру куллуху би ядайка. Ваш-шарру лайса илайка, анаа бика ва илайка, табаарокта ва та'алайта, астагфирука ва атуубу илайк».*

Мен чыныгы мусулман катары жүзүмдү асмандар менен жерди жараткан Аллахка бурдум. Мен мүшриктерден эмесмин. Менин намазым, кулчулугум, тирүүлүгүм жана өлүмүм бардык ааламдардын Раббиси Аллах Таала үчүн. Анын шериги жок. Мен ушуга

буюрулдум. Жана мен моюн сунуучулардanмын. О, Аллах! Сен падышасың. Сенден башка эч бир кудай жок. Сен менин Раббимсиң. Мен сенин кулуңмун. Мен өзүмө зулумдук жасадым. Күнөөлөрүмдү мойнума алдым. Бардык күнөөлөрүмдү кечире көр (О, Аллах!) Чындыгында менин күнөөлөрүмдү сенден башка эч ким ке-чирбейт. Мени эң көркөм мүнөздөргө багытта. Сенден башка көркөм мүнөзгө багыттай турган эч ким жок. Менин жаман мүнөздөрүмдү кечире көр. Сенден башка жаман

мүнөздөрүмдү арылтуучу эч ким жок. Мен сенин кол астыңдамын. Жана менин бактылуу болуум сага гана байланыштуу. Бардык жакшылык сенин колуңда. Жана жамандык сенден эмес. Мен эмне иш кылсам дагы сенин жардамың себептүү болот жана мен сенин өзүңө кайтамын. Сен улуусуң жана сенин улуулугуң эң жогору! Сенден кечирим сурайм жана Сага тооба кылам!

Бул дагы намазга киришүү дубаларынан. Айрыкча түнкү намаздарга киришүү маалында окулат.

4

«سُبْحَانَكَ اللَّهُمَّ رَبَّنَا وَبِحَمْدِكَ اللَّهُمَّ اغْفِرْ لِي»

*Субҳаанак Аллахумма Роббанаа ва биҳамдика, Аллахуммағфир лий.*

О Аллахым! Мен Сени бардык кемчикдиктерден аруулаймын! О Раббим! Сага мактоолор айттым! О Аллахым, мени кечир!

Бул дубаны рукуу жана саждада турганда окуу – сүннөт

5

«اللَّهُمَّ أَعُوذُ بِرِضَاكَ مِنْ سَخَطِكَ، وَبِمُعَافَاتِكَ مِنْ عُقُوبَتِكَ، وَأَعُوذُ بِكَ مِنْكَ لَا أُحْصِي ثَنَاءً عَلَيْكَ أَنْتَ كَمَا أَثْنَيْتَ عَلَى نَفْسِكَ»

*«Аллохумма инний ауузу биридоока мин сахоотика ва би му'офаатика мин укуубатика ва а'уузу бика минка, лаа ухсий санаа ан алайка Анта камаа аснайта 'алаа нафсика».*

О, Аллах! Мен сенин ачууңдан ыраазычылыгыңа, жазалооңдон

кечириминe качамын. Мен Сенден (келе турган апааттардан коргоо тилеп) Сенин Өзүңө сыйынамын. Мен Сага аталган мактоолорду айтып бүтүрө албаймын. Анткени Сен Өзүңдү мактагандайсың.

Бул дубаны рукуу жана саждада турганда окуу – сүннөт

6

«اللَّهُمَّ اغْفِرْ لِي ذَنْبِي كُلَّهُ دِقَّهُ، وَجِلَّهُ، وَأَوَّلَهُ وَآخِرَهُ وَعَلَانِيَتَهُ وَسِرَّهُ»

*Аллоҳумағфир лий занбий куллаҳу, диққоҳу ва жиллаҳу, ва авваалаҳу ва аахироҳу, ва ъалааниятаҳу ва сирроҳу.*

“О Аллахым! Менин чоң-кичине, абалкы-акыркы жана ашкере-жашыруун күнөөлөрүмдү кечире көр!”

Сүннөт боюнча бул дагы саждада окула турган дубалардын бири

7

«اللَّهُمَّ اجْعَلْ لِي فِي قَلْبِي نُورًا، وَفِي لِسَانِي نُورًا، وَفِي سَمْعِي نُورًا، وَفِي بَصَرِي نُورًا، وَمِنْ فَوْقِي نُورًا، وَمِنْ تَحْتِي نُورًا، وَعَنْ يَمِينِي نُورًا، وَعَنْ شِمَالِي نُورًا، وَمِنْ بَيْنِ يَدَيَّ نُورًا، وَمِنْ خَلْفِي نُورًا، وَاجْعَلْ فِي نَفْسِي نُورًا، وَأَعْظِمْ لِي نُورًا»

*Аллахуммажъал лий фий қолбий нуурон, ва фий лисааний нуурон, ва фий самъий нуурон, ва фий басорий нуурон, ва мин фавқий нуурон, ва мин таҳтий нуурон,*

*ва ъан ямийний нуурон, ва ъан шимаалий нуурон, ва мин байни ядайя нуурон, ва мин холфий нуурон, важъал фий нафсий нуурон, ва аъзим лий нуурон.*

«О, Аллах! Менин дилиме, тилиме жана көз-кулагыма нур бере көр! Менин артымдан, алдымдан, үстүмөн жана асты жагымдан нур бер! Оң тарабыман да, сол тарабыман да нур бер! Астымдан да, артымдан нур бер! Ички дүйнөмө нурду жайгаштыр жана мен үчүн ал нурду улуу кыл!»

Сүннөт боюнча бул дуба саждада жана түнкү намаздарда окулат

8

«اللَّهُمَّ إِنِّي أَعُوذُ بِكَ مِنْ عَذَابِ جَهَنَّمَ، وَمِنْ عَذَابِ الْقَبْرِ، وَمِنْ فِتْنَةِ الْمَحْيَا وَالْمَمَاتِ، وَمِنْ شَرِّ فِتْنَةِ الْمَسِيحِ الدَّجَّالِ»

*«Аллохумма инний а'увзу бика мин `азаабил-кобри, ва мин `азааби жаханнам, ва мин фитнатил махйаа ва мамаати, ва мин шарри фитнатил Масиихид-Дажжаал».*

“О, Аллах! Мени кабыр азабынан, жаханнам (тозок) азабынан, өмүр жана өлүм азгырыктарынан

жана Масих-уд-Дажжалдын азгырыгынан сакта!”

Сүннөт боюнча бул дуба саламдан мурун, акыркы ташаххудда окулат

9

«اللَّهُمَّ أَعِنِّي عَلَى ذِكْرِكَ، وَشُكْرِكَ، وَحُسْنِ عِبَادَتِكَ»

*Аллахумма аъинний ъала зикрика ва шукрика ва ḥусни ибаадатик.*

О Аллахым! Өзүңө зикир, шүгүр жана жакшы ибадат кылып жүрүүгө мага жардам бер!

Сүннөт боюнча бул дуба дагы саламдан мурун, акыркы ташаххудда окулат

**10**

«اللَّهُمَّ اغْفِرْ لِي مَا قَدَّمْتُ وَمَا أَخَّرْتُ، وَمَا أَسْرَرْتُ وَمَا أَعْلَنْتُ، وَمَا أَسْرَفْتُ، وَمَا أَنْتَ أَعْلَمُ بِهِ مِنِّي، أَنْتَ الْمُقَدِّمُ وَأَنْتَ الْمُؤَخِّرُ، لَا إِلَهَ إِلَّا أَنْتَ»

*“Аллохуммаг-фирлий маа коддамту, ва маа ах-хорту, ва маа ас-рорту ва маа а’ланту, ва маа ас-рофту, ва маа Анта а’ламу бихи мин-ний. Антал-Мукоддим(у) ва антал-Муах-хиру лаа илааха иллаа Ант”*

“О, Аллах! Менин мурунку-кийинки, жашыруун-ашкере жасалган күнөөлөрүмдү жана

чектен чыккан иштеримди жана Өзүң менден жакшы билген күнөөлөрүмдү кечире көр. Илгерилетүүчү да, кечиктирүүчү да Өзүңсүң. Өзүңдөн башка эч бир (чыныгы) кудай жок".

Бул дуба дагы саламдан мурун, акыркы ташаххудда окулат

11

«اللَّهُمَّ إِنِّي أَعُوذُ بِكَ مِنَ الْمَأْثَمِ، وَالْمَغْرَمِ»

*Аллахумма инни аъуузу бика минал ма'сами вал-мағром.*

О Аллахым! Мени күнөөлөрдөн жана бирөөгө карыз болуп калуудан Өзүң сакта!

Бул дуба дагы саламдан мурун, акыркы ташаххудда окулат

12

«اللَّهُمَّ إِنِّي أَسْأَلُكَ الْجَنَّةَ، وَأَعُوذُ بِكَ مِنَ النَّارِ»

*Аллахумма инний ас’алукал жанната ва аъуузу бика минан наар.*

О Аллахым! Мен Сенден Бейишке киргизүүңдү жана тозоктон сактооңду тилеймин!

Бул дуба дагы саламдан мурун, акыркы ташаххудда окулат

13

«اللَّهُمَّ إِنِّي أَعُوذُ بِكَ مِنْ الْبُخْلِ وَأَعُوذُ بِكَ مِنْ الْجُبْنِ وَأَعُوذُ بِكَ أَنْ أُرَدَّ إِلَى أَرْذَلِ الْعُمُرِ وَأَعُوذُ بِكَ مِنْ فِتْنَةِ الدُّنْيَا وَأَعُوذُ بِكَ مِنْ عَذَابِ الْقَبْرِ»

*Аллахумма инни аъуузу бика минал бухли ва аъуузу бика минал жубни ва аъуузу бика ан уродда илаа арзалил ъумури ва аъуузу бика мин фитнатид дунйаа ва аъуузу бика мин ъазаабил қобр.*

О, Аллах! Мени сараңдыктан, бакылдыктан, коркоктуктан

сактай көр жана мени кор болгон өмүргө кайтарылуудан сактай көр. Мени кабыр азабынан жана дүйнө фитналарынан сактай көр!

Бул дуба дагы саламдан мурун, акыркы ташаххудда окулат

14

«اللَّهُمَّ إِنِّي ظَلَمْتُ نَفْسِي ظُلْمًا كَثِيرًا وَلَا يَغْفِرُ الذُّنُوبَ إِلَّا أَنْتَ، فَاغْفِرْ لِي مَغْفِرَةً مِنْ عِنْدِكَ، وَارْحَمْنِي إِنَّكَ أَنْتَ الْغَفُورُ الرَّحِيمُ»

*Аллахумма инний золамту нафсий зулман касийрон ва лаа яғфируз- зунууба иллаа Ант, фағфирлий мағфиротан мин ъиндика варҳамний, иннака Антал Гофуурур Роҳийм.*

“О Аллахым! Мен өзүмө көп зулум кылып алдым! Күнөөлөрдү Өзүң гана кечиресиң! Өз айкөлдүгүң менен мени кечир! Мага ырайым

кыл, Сен Ырайымдуу жана Кечиримдүүсүң!”

Бул дуба дагы саламдан мурун, акыркы ташаххуддан кийин, же саждада окулат

15

«اللَّهُمَّ حَاسِبْنِي حِسَابًا يَسِيرًا»

*Аллахумма ҳаасибний ҳисаабан ясийроо.*

О Аллахым! Менин (кабырдагы жана кыяматтагы) сурагымды жеңил кыл!

Бул дуба дагы саламдан мурун, акыркы ташаххуддан кийин, же саждада окулат

16

«رَبِّ قِنِي عَذَابَكَ يَوْمَ تَبْعَثُ عِبَادَكَ»

*Робби қиний ъазаабака явма табъасу ибаадак.*

О Аллахым! Пенделериңди кайра тирилткен күндөгү азабыңдан мени сактай көр!

Сүннөт боюнча бул дуба дагы саламдан мурун, акыркы ташаххуддан кийин, же саждада окулат

صحيح الدعاء والثناء على الله تعالى

# Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын саламы болсун) көп окуган дубалар

1

«اللَّهُمَّ رَبَّنَا آتِنَا فِي الدُّنْيَا حَسَنَةً، وَفِي الآخِرَةِ حَسَنَةً، وَقِنَا عَذَابَ النَّارِ»

*Аллахумма Роббанаа аатинаа фид-дунйаа ҳасанатан ва фил-аахироти ҳасанатан ва қинаа ъазаабан наар.*

“О, Аллахым, о Раббим! Бизге дүйнөдө да акыретте да жакшылык бер жана тозок азабынан сакта!”

Бул дубаны пайгамбарыбыз (ага Аллахтын саламы болсун) көп окуган

**2**

«اللَّهُمَّ اغْفِرْ لِي، وَارْحَمْنِي، وَاهْدِنِي، وَعَافِنِي، وَارْزُقْنِي»

*Аллахуммағфир лий варҳамний ваҳдиний ва ъаафиний варзуқний.*

О Аллахым! Мени кечир! Мага ырайым кыл, ден-соолук жана ырыскы бер!

Бул дуба эки дүйнө жакшылыгын өз ичине камтыйт

3

«اَللّٰهُمَّ اكْفِنِيْ بِحَلاَلِكَ عَنْ حَرَامِكَ وَاَغْنِنِيْ بِفَضْلِكَ عَمَّنْ سِوَاكَ»

*Аллахуммакфиний биҳалаалика ъан ҳароомика ва ағниний бифазлика ъамман сиваак.*

О Аллахым! Мага адалды жетиштүү берип, арамга муктаж кылба! Өз пазилетиң менен мени башкалардан беймуктаж кыл!

Бул карыздан кутулуунун дубасы

4

«اللَّهُمَّ مُصَرِّفَ الْقُلُوبِ صَرِّفْ قُلُوبَنَا عَلَى طَاعَتِكَ» «يَا مُقَلِّبَ الْقُلُوبِ ثَبِّتْ قَلْبِي عَلَى دِينِكَ»

*“Аллахумма мусоррифал қулууби сорриф қулуубанаа ъалаа тооъатик”. “Йаа муқоллибал қулууби саббит қолбий ъалаа дийник*

О, жүрөктөрдү (каалаган тарабына) буруучу Аллахым! Менин жүрөгүмдү Өзүңө моюн сунуу тарапка буруп кой! О жүрөктөрдү (каалаган тарабына)

оодаруучу! Менин жүрөгүмдү Өз дининде бекем кыл!

Бул – чындыкта бекем туруунун дубасы. Расулуллах (ага Аллахтын саламы болсун) бул дубаны көп окучу эле.

5

«اللهُمَّ إِنِّي أَسْأَلُكَ مِنَ الْخَيْرِ كُلِّهِ عَاجِلِهِ وَآجِلِهِ، مَا عَلِمْتُ مِنْهُ وَمَا لَمْ أَعْلَمْ، وَأَعُوذُ بِكَ مِنَ الشَّرِّ كُلِّهِ، عَاجِلِهِ وَآجِلِهِ مَا عَلِمْتُ مِنْهُ، وَمَا لَمْ أَعْلَمْ، اللهُمَّ إِنِّي أَسْأَلُكَ مِنْ خَيْرِ مَا سَأَلَكَ عَبْدُكَ وَنَبِيُّكَ مُحَمَّدٌ ﷺ، وَأَعُوذُ بِكَ مِنْ شَرِّ مَا عَاذَ مِنْهُ عَبْدُكَ وَنَبِيُّكَ، اللهُمَّ إِنِّي أَسْأَلُكَ الْجَنَّةَ وَمَا قَرَّبَ إِلَيْهَا مِنْ قَوْلٍ أَوْ عَمَلٍ، وَأَعُوذُ بِكَ مِنَ النَّارِ وَمَا قَرَّبَ إِلَيْهَا مِنْ قَوْلٍ أَوْ عَمَلٍ، وَأَسْأَلُكَ أَنْ تَجْعَلَ كُلَّ قَضَاءٍ تَقْضِيهِ لِي خَيْرًا»

*Аллахумма инний ас'алука минал хойри куллиҳи, ъааджилиҳи ва ааджилиҳи маа ъалимту минҳу ва маа лам аълам. Ва аъуузу бика минаш шарри куллиҳи ъааджилиҳи ва ааджилиҳи маа ъалимту минҳу ва маа лам аълам. Аллахумма инний ас'алука мин хойри маа са'алака ъабдука ва набийюк, ва аъувзу бика мин шарри маа ъааза биҳи ъабдука ва набийюк. Аллахумма инний ас'алукал жанната ва маа қорроба илайҳаа мин қовлин ав ъамал, ва аъуузу бика минан наари ва маа қорроба илайҳаа мин қовлин ав ъамал. Ва ас'алука ан тажъала*

*кулла қозооин қозойтаҳуу лий хойрон.*

О, Аллахым! Мен Сенден бардык жакшылыктарды – тез болчусун дагы келечекте (акырын) болчусун дагы, билгенимди дагы, билбегенимди дагы – сураймын! Жана мен Сенден бардык жамандыктардан – тез болчусунан дагы, акырын болчусунан дагы, билгенимден дагы, билбегенимден дагы – коргоо тилеймин! О, Аллахым! Мен Сенден пенден жана пайгамбарың(Мухаммад)сураган жакшылыктарды сураймын жана

пендең, пайгамбарың коргоо тилеген жамандыктардан коргоо тилеймин! О, Аллахым! Мен Сенден Бейишти жана Бейишке жакындаштыруучу сөздөр менен иштерди сураймын! О, Аллахым! Мен Сенден Тозоктон жана бардык ага жакындаштыра турган нерселерден коргоо тилеймин!" жана мен Сенден мага арнаган бардык казаа – тагдырыңды жакшыртууңду сураймын!"

Бул дуба өз ичине көп жакшылыктарды камтыган

6

«يَا حَيُّ يَا قَيُّومُ بِرَحْمَتِكَ أَسْتَغِيثُ، أَصْلِحْ لِي شَأْنِي كُلَّهُ، وَلَا تَكِلْنِي إِلَى نَفْسِي طَرْفَةَ عَيْنٍ»

*Я Хайюн, яа Коййууму би роҳматика астағийс, аслиҳ ли ша'ний куллаҳуу ва лаа такилний ила нафсий торфата ъайн.*

“О, Тирүү жана түбөлүк Туруучу! Сенин ырайымың менен жардам сураймын! Менин бардык абалымды оңдо! Мени

бир көз ирмемга да өз нафсиме тапшырып койбо!”

## Бул кайгыга батканда окула турган дуба

7

«اللَّهُمَّ إِنِّي عَبْدُكَ ابْنُ عَبْدِكَ ابْنُ أَمَتِكَ نَاصِيَتِي بِيَدِكَ مَاضٍ فِيَّ حُكْمُكَ عَدْلٌ فِيَّ قَضَاؤُكَ، أَسْأَلُكَ بِكُلِّ اسْمٍ هُوَ لَكَ سَمَّيْتَ بِهِ نَفْسَكَ أَوْ أَنْزَلْتَهُ فِي كِتَابِكَ أَوْ عَلَّمْتَهُ أَحَدًا مِنْ خَلْقِكَ أَوِ اسْتَأْثَرْتَ بِهِ فِي عِلْمِ الْغَيْبِ عِنْدَكَ أَنْ تَجْعَلَ الْقُرْآنَ رَبِيعَ قَلْبِي وَنُورَ بَصَرِي وَجِلَاءَ حُزْنِي وَذَهَابَ هَمِّي»

*«Аллохумма инний ’абдука ибну ’абдик(а), ибну аматик(а) ва*

*наасиятии би йадик(а), маадин фий-йа хукмук(а), ’адлун фий-йа кодоо ука, ас-алука би-куллисмин хува лак(а), саммайта бихи нафсак(а), ав анзалтаху фий китаабик(а), ав ’алламтаху ахадам-мин холкика, авис-то’сарта бихи фий ’илмил-гойби ’индак(а), ан таж`алал кур’ана робий’а колбий, ва нуура содрий, ва жалаа-а хузнии ва захааба хаммий».*

О, Аллах! Мен Сенин кулуңмун жана кулуң менен күңүңдүн баласымын! Менин маңдайым (тагдырым) Сенин колуңда. Өкүмүң мага өтүүчү жана Сен

мага эмнени жазган болсоң – ал Адилет. Мен Сенин бардык ысымдарыңды ортого коюп, суранам: Сен ал ысымдар менен Өзүңдү атаган же аларды Өз китебиңде түшүргөн же калкыңдан бирөөсүнө үйрөткөн, же болбосо (ал ысымдарды) Өзүңө гана тиешелүү болгон гайб илимиңде болуусун каалаган элең. Куранды дилимдин жазы, көкүрөгүмдүн нуру жана кайгы-капамды кетирүүчү жарык кыла көр!

## Бул дагы кайгыга батканда окула турган дуба

8

«اللَّهُمَّ لَا سَهْلَ إِلَّا مَا جَعَلْتَهُ سَهْلًا، وَأَنْتَ تَجْعَلُ الْحَزْنَ سَهْلًا إِذَا شِئْتَ»

*Аллохумма лаа саҳла иллаа маа жаъалтаҳуу саҳлан, ва Анта тажъалул ҳазна саҳлан иза ши’т.*

О Аллахым! Өзүң жеңил кылган нерсе гана жеңилдир! Сен кааласаң оорчулукту да жеңилдикке айландыра аласың!

Башка мүшкүл түшкөндө окулчу дуба

9

«اللَّهُمَّ إِنِّي أَسْأَلُكَ الْهُدَى وَالتُّقَى، وَالْعَفَافَ وَالْغِنَى»

*Аллахумма инний ас’алукал ҳудаа ват-туқоо вал-ъафаафа вал-ғинаа.*

“О Аллахым! Мен Сенден туура жол, такыба жана тазалык сураймын! Мени адамдарга муктаж кылба!”

10

«اللَّهُمَّ اهْدِنِي، وَسَدِّدْنِي»

*Аллохумма иҳдиний ва саддидний.*

О Аллахым! Мени туура жолго, туура багытка башта!

11

«اللَّهُمَّ أَصْلِحْ لِي دِينِي الَّذِي هُوَ عِصْمَةُ أَمْرِي، وَأَصْلِحْ لِي دُنْيَايَ الَّتِي فِيهَا مَعَاشِي، وَأَصْلِحْ لِي آخِرَتِي الَّتِي فِيهَا مَعَادِي، وَاجْعَلِ الْحَيَاةَ زِيَادَةً لِي فِي كُلِّ خَيْرٍ، وَاجْعَلِ الْمَوْتَ رَاحَةً لِي مِنْ كُلِّ شَرٍّ»

*Аллоҳумма аслиҳ лий дийний аллазий ҳува ъисмату амрий, ва аслиҳ лий дунйаа аллатий фийҳаа маъаашийй, ва аслиҳ лий аахиротий аллатий фийҳаа маъаадий, важъалил ҳайаата*

*зийаадатан лий фий кулли хойр, важъалил мавта рооҳатан лий мин кулли шаррин.*

“О Аллахым! Менин ишимдин абийир-коргону болгон динимди, менин жашап жаткан жашоомду жана бараар жерим – акыретимди оңдо! Жашоомду бардык жакшылыктар менен кошто! Өлүмүмдү бардык жамандыктардан ырахаттануу кыл!”

12

«اللَّهُمَّ إِنَّكَ عُفُوٌّ تُحِبُّ الْعَفْـوَ فَاعْفُ عَنِّي»

*Аллоҳумма иннака Афуввун туҳҳибул афуа фаъфу ъанний.*

О Аллахым! Сен Кечирүүчүсүң, кечиргенди жакшы көрөсүң, мени кечир!

13

«اللَّهُمَّ اقْسِمْ لَنَا مِنْ خَشْيَتِكَ مَا يَحُولُ بَيْنَنَا وَبَيْنَ مَعَاصِيكَ، وَمِنْ طَاعَتِكَ مَا تُبَلِّغُنَا بِهِ جَنَّتَكَ، وَمِنَ اليَقِينِ مَا تُهَوِّنُ بِهِ عَلَيْنَا مُصِيبَاتِ الدُّنْيَا، وَمَتِّعْنَا بِأَسْمَاعِنَا وَأَبْصَارِنَا وَقُوَّتِنَا مَا أَحْيَيْتَنَا، وَاجْعَلْهُ الوَارِثَ مِنَّا، وَاجْعَلْ ثَأْرَنَا عَلَى مَنْ ظَلَمَنَا، وَانْصُرْنَا عَلَى مَنْ عَادَانَا، وَلاَ تَجْعَلْ مُصِيبَتَنَا فِي دِينِنَا، وَلاَ تَجْعَلِ الدُّنْيَا أَكْبَرَ هَمِّنَا وَلاَ مَبْلَغَ عِلْمِنَا، وَلاَ تُسَلِّطْ عَلَيْنَا مَنْ لاَ يَرْحَمُنَا»

*Аллоҳумма аксим ланаа мин хошятика маа таҳуулу байнанаа ва байна маъаасийка, ва мин тооъатика маа тубаллигунаа биҳии жаннатак, ва минал яқийни маа туҳаввину биҳии ъалайнаа масооибад дунйя, ва маттиъна а би асмааъинаа ва абсооринаа ва кувваатина маа аҳяйтанаа. Важъалҳул ваариса миннаа. Важъал са'ронаа ъалаа ман золаманаа. Вансурнаа ъалаа ман ъаадаана. Ва лаа тажъал мусийбатанаа фий дийнинаа. Ва лаа тажъалид дунйаа акбаро ҳамминаа ва лаа маблаґо ъилминаа. Ва лаа*

*тусаллит ъалайнаа ман лаа ярҳамунаа.*

“О Аллахым! Биз менен Сага күнөө кылуунун арасына тосук боло турган Өзүңдөн коркуу сезимин бизге бер! Бизге, Бейишиңе алып бара турган моюн сунуу касиетин бер! Бизге, дүйнө машакаттарын жеңил көргөзө турган айкын ыйман бер! О Аллахым! Ар качан бизди тирүү койсоң, бизге көз-кулагыбызды, күч-кубатыбызды (ден соолугубузду) нээмат кылып бер жана ал нээматты бизден (урпактарыбызга)

калуучу кыл! Бизге зулум кылгандардан өчүбүздү алып бер! Душмандарыбызга каршы бизге жардам бер! Бизди динибизде зыян тартуучулардан кылба! Дүйнөнү биздин илимибиздин чеги жана эң чоң кайгыбыз кыла көрбө! Бизге ырайым кылбагандарды бизге султан-падыша кылба!"

## 14

«رَبِّ أَعِنِّي وَلاَ تُعِنْ عَلَيَّ، وَانْصُرْنِي وَلاَ تَنْصُرْ عَلَيَّ، وَامْكُرْ لِي وَلاَ تَمْكُرْ عَلَيَّ، وَاهْدِنِي وَيَسِّرِ الهُدَى لِي، وَانْصُرْنِي عَلَى مَنْ بَغَى عَلَيَّ، رَبِّ اجْعَلْنِي لَكَ شَكَّارًا، لَكَ ذَكَّارًا، لَكَ رَهَّابًا، لَكَ مِطْوَاعًا، لَكَ مُخْبِتًا، إِلَيْكَ أَوَّاهًا مُنِيبًا، رَبِّ تَقَبَّلْ تَوْبَتِي، وَاغْسِلْ حَوْبَتِي، وَأَجِبْ دَعْوَتِي، وَثَبِّتْ حُجَّتِي، وَسَدِّدْ لِسَانِي، وَاهْدِ قَلْبِي، وَاسْلُلْ سَخِيمَةَ صَدْرِي».

*Робби аъинний, ва лаа туъин ъалайя вансурний ва лаа тансур*

*ъалайя вамкур лий, ва лаа тамкур ъалайя, ваҳдиний ва яссирил ҳудаа лий, вансурний ъалаа ман бағоо ъалайя. Роббижъалний лака шаккаарон лака заккаарон, лака роҳҳаабан, лака митвааъан, лака мухбитан илайка аввааҳан мунийбаа. Робби тақоббал тавбатий, вагсил ҳавбатий, ва ажиб даъватий ва саббит ҳужжатий ва саддид лисааний ваҳди қолбий, васлул сахиймата содрий.*

“О Раббим, мени колдо, мага каршы (эч кимди) колдобо! Мага жардам бер! Мага каршы эч кимге жардам бербе! Менин пайдама

амалдуулук кыл, зыяныма амалдуулук кылба! Мени туура жолго башта жана туура жолуңду жеңил кыл! Мага зулум кылгандарга каршы мени колдой көр! Оо, Раббим! Мени Өзүңө шүгүр кылуучу, Өзүңдү зикир кылуучу, Өзүңдөн коркуучу, моюн сунуучу жана тооба кылуучу кыл! Оо, Раббим! Менин тообаларымды Өзүң кабылда, күнөөлөрүмдү жуу, дубаларыма жооп бер, далилимди бекем кыл, жүрөгүмдү оңдо, тилимди түздө жана жүрөгүмдөгү жек көрүүнү чыгарып сал!”

15

«اللَّهُمَّ إِنِّي أَسْأَلُكَ فِعْلَ الْخَيْرَاتِ، وَتَرْكَ الْمُنْكَرَاتِ، وَحُبَّ الْمَسَاكِينِ، وَأَنْ تَغْفِرَ لِي وَتَرْحَمَنِي، وَإِذَا أَرَدْتَ فِتْنَةً فِي قَوْمٍ فَتَوَفَّنِي غَيْرَ مَفْتُونٍ، وَأَسْأَلُكَ حُبَّكَ وَحُبَّ مَنْ يُحِبُّكَ، وَحُبَّ عَمَلٍ يُقَرِّبُ إِلَى حُبِّكَ»

*Аллоҳумма инний ас’алука фиълал хойрооти ва таркал мункарооти, ва ҳуббал масаакийн, ва ан тағфиро лий ва тарҳаманий, ва изааародта*

*фитнатан фии қовмин фа таваффаний ғойро мафтуун. Ва ас’алука ҳуббака ва ҳубба ман юҳиббука ва ҳубба ъамалин юқоррибу илаа ҳуббик.*

“О Аллахым! Мени жакшы амалдарды жасоочу жана жаман амалдардан сактануучу, кедейлерди сүйүүчү кыл! Менин күнөлөрүмдү кечир, мага ырайым кыл! Эгер элге сыноо жиберүүнү кааласаң, менин жанымды ошого чейин алууңду суранам! Мен Сенден Сени жана Сен сүйгөн адамдарды сүйүүнү суранам! Мен Сенден Сени сүйүүгө жакын

кыла турган амалдарды сүйүүнү суранам!”

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын саламы болсун) бул дубалар жөнүндө мындай деген: “Бул дубалар – акыйкат. Демек, аларды сабак кылып, үйрөнүп алгыла!”

16

«اللَّهُمَّ إِنِّي أَسْأَلُكَ الثَّبَاتَ فِي الْأَمْرِ، وَالْعَزِيمَةَ عَلَى الرُّشْدِ، وَأَسْأَلُكَ مُوجِبَاتِ رَحْمَتِكَ، وَعَزَائِمَ مَغْفِرَتِكَ، وَأَسْأَلُكَ شُكْرَ نِعْمَتِكَ، وَحُسْنَ عِبَادَتِكَ، وَأَسْأَلُكَ قَلْبًا سَلِيمًا، وَلِسَانًا صَادِقًا، وَأَسْأَلُكَ مِنْ خَيْرِ مَا تَعْلَمُ، وَأَعُوذُ بِكَ مِنْ شَرِّ مَا تَعْلَمُ، وَأَسْتَغْفِرُكَ لِمَا تَعْلَمُ، إِنَّكَ أَنْتَ عَلَّامُ الْغُيُوبِ»

*Аллоҳумма инний ас'алукас сабаата фил-амри вал-ъазиймата ъалар-рушди ва*

*ас'алукамууҗибаатироҳматик, ва ъазааима мағфиротик, ва ас'алука шукро ниъматика ва ҳусна ъибаадатик, ва ас'алука колбан салиймàн, ва лисаанан соодиқон, ва ас'алука мин хойри маа таъламу ва аъуузу бика мин шарри маа таъламу, ва астағфирука лимаа таълам, иннака анта Аллаамул ғуйууб.*

О Аллахым! Мен Сенден ишимде жана туура жолдо бекемдикти, ырайымыңа жана кечиримиңе себеп болуучу иштерди, нээматтарың үчүн шүгүр кылууну, Сага жакшы ибадат

кылууну, таза жүрөктү, чындыкты сүйлөгөн тилди сураймын. Мага жакшылык деп билгениңди мага бере көр! Мага жамандык деп билгениңди менден арылта көр! Менин Өзүң билген бардык күнөө-каталарымды кечир! Сен кайыптарды Билүүчүсүң!

Хадисте бул дуба алтын-күмүш кендеринен да жакшы деп айтылган.

## 17

«اللَّهُمَّ اهْدِنِي فِيمَنْ هَدَيْتَ، وَعَافِنِي فِيمَنْ عَافَيْتَ، وَتَوَلَّنِي فِيمَنْ تَوَلَّيْتَ، وَبَارِكْ لِي فِيمَا أَعْطَيْتَ، وَقِنِي شَرَّ مَا قَضَيْتَ، إِنَّكَ تَقْضِي وَلَا يُقْضَى عَلَيْكَ، إِنَّهُ لَا يَذِلُّ مَنْ وَالَيْتَ، وَلَا يَعِزُّ مَنْ عَادَيْتَ، تَبَارَكْتَ رَبَّنَا وَتَعَالَيْتَ»

*«Аллоохумм ахдиний фий-ман хадайта, ва `аафиний фий-ман`аафайт(а), ва тавал-ланий фий-ман таваллайта, ва баарик лий фий маа а`тойта, ва киний шарро маа кодайт(а),*

*фа-иннака такдий ва лаа юкдоо`алайк(а), иннаху лаа язиллу ман ваалайт(а), (ва лаа я`иззу ман `аадайта) Табаарокта роббанаа ва та`аалайта».*

О Аллахым! Өзүң туура жолго салган пенделердин катарында мени да тура жолго сал. Өзүң амандык берген кишилер катарында мага да амандык бер. Өзүңө жакын туткан кишилер катарында мени да Өзүңө жакын тут. Мага берген нерселериңди берекелүү кыл. Өкүм-тагдыр кылган нерселериңдин жамандыгынан мени сакта.

Чындыгында Сен өкүм кыласың. Сага эч ким өкүм кыла албайт. Чындыгында Сен Өзүңө дос туткан пендең эч качан кор болбойт. (Ал эми Сен кимди Өзүңө душман тутсаң, ал эч качан кадырлуу болбойт). О, Раббибиз! Сен эң жогорку, эң Улуксуң!

18

«اللَّهُمَّ بِعِلْمِكَ الْغَيْبَ، وَقُدْرَتِكَ عَلَى الْخَلْقِ، أَحْيِنِي مَا عَلِمْتَ الْحَيَاةَ خَيْرًا لِي، وَتَوَفَّنِي إِذَا عَلِمْتَ الْوَفَاةَ خَيْرًا لِي، وَأَسْأَلُكَ خَشْيَتَكَ فِي الْغَيْبِ وَالشَّهَادَةِ، وَكَلِمَةَ الْإِخْلَاصِ فِي الرِّضَا وَالْغَضَبِ، وَأَسْأَلُكَ نَعِيمًا لَا يَنْفَدُ، وَقُرَّةَ عَيْنٍ لَا تَنْقَطِعُ، وَأَسْأَلُكَ الرِّضَاءَ بِالْقَضَاءِ، وَبَرْدَ الْعَيْشِ بَعْدَ الْمَوْتِ، وَلَذَّةَ النَّظَرِ إِلَى وَجْهِكَ، وَالشَّوْقَ إِلَى لِقَائِكَ، وَأَعُوذُ بِكَ مِنْ ضَرَّاءَ

مُضِرَّةٍ، وَفِتْنَةٍ مُضِلَّةٍ، اللَّهُمَّ زَيِّنَّا بِزِينَةِ الْإِيمَانِ، وَاجْعَلْنَا هُدَاةً مُهْتَدِينَ»

*Аллоҳумма биъилмикал ғойба ва қудротика ъалал холқи аҳйиний маа ъалимтал ҳайаата хойрон лий ва таваффаний изаа ъалимтал вафаата хойрон лий, ва ас’алука хошятака фил-ғойби ваш-шаҳаадати ва калиматал-ихлааси фир-ризоо вал-ғозоб. Ва ас’алука наъийман лаа янфаду ва қуррота ъайнин лаа танқотиъ. Ва ас’алукар ризооа бил-қозоои ва бардал-ъайши баъдал мавти ва лаззатан нозори илаа важҳика ваш-шаавқо илаа*

*лиқооик, ва аъуузу бика мин зорроа музирротин ва фитнатин музиллаҳ. Аллоҳумма зайиннаа би-зийнатил иймаани важъалнаа ҳудаатан муҳтадийн.*

“Оо, Аллахым! Кайыпты билишиң менен жана бардык макулуктарга өтүүчү кудуретиң менен, эгер мага жашоо жакшы экенин билсең – мага өмүр бер, эгер мага өлүм жакшы экенин билсең – өлүм бер! Аллахым! Мен сенден ашкере-жашыруун абалдарда Өзүңдөн коркууну сураймын! Адамдар ыраазы болсо да, ачууланса да чындыкты

сүйлөөнү сураймын! мен Сенден түгөнгүс нээмат, үзгүлтүксүз кубанычсураймын!Магаөкүмүңө ыраазы болууну, өлүмдөн кийинки мелүүн жашоону бер! Мен Сенден Жүзүңө назар салуу ылаззатын жана оор машакаттар менен азгыруучу сыноолорго карабай Өзүңө умтулуу сезимин сураймын! Оо, Аллахым, бизди ыйман зыйнаты менен жасалгала жана туура жолдо жүрүүчүлөргө жолбашчы кыл!”

19

«اللَّهُمَّ إِنِّي أَسْأَلُكَ الْعَافِيَةَ فِي الدُّنْيَا وَالْآخِرَةِ، اللَّهُمَّ أَسْأَلُكَ الْعَفْوَ وَالْعَافِيَةَ فِي دِينِي وَدُنْيَايَ وَأَهْلِي وَمَالِي، اللَّهُمَّ اسْتُرْ عَوْرَاتِي، وَآمِنْ رَوْعَاتِي، اللَّهُمَّ احْفَظْنِي مِنْ بَيْنِ يَدَيَّ، وَمِنْ خَلْفِي، وَعَنْ يَمِينِي، وَعَنْ شِمَالِي، وَمِنْ فَوْقِي، وَأَعُوذُ بِعَظَمَتِكَ أَنْ أُغْتَالَ مِنْ تَحْتِي»

*«Аллооhумма инний ас-алукаль `афва валь-`аафията фид-дунйаа валь-аахироh, Аллооhумма инний*

*ас-алукал-ʼафва валь-ʼаафияһ: фий диний ва дунйаа-йа ва аһлий, ва маалий, Аллооһуммас-тур `авроотий, ва амин рав`аатий, Аллооһуммах-фазний мин байни ядаййа, ва мин хольфий, ваʼан ямий-ний, ва `ан шимаалий, ва мин фавк`ий, ва а`уузу биʼазаматика ан угтаала мин тахтий».*

О, Аллахым! Мен Сенден дүйнө жана Акыретте кечирим менен амандыкты тилеймин. О, Аллах! Мен Сенден динимде, турмуш-тиричилигимде, үй -бүлөм менен мал-мүлкүмдө кечирим жана амандыкты тилеймин. О, Аллах!

Менин уяттуу жерлеримди Өзүң бекит. Мага коркунучтардан амандык бер. О, Аллах! Мени алды-артыман, оң жак-сол жагымдан жана төбөмдөн (келген балээлерден) Өзүң сакта. Ошондой эле түбүмөн келүүчү кыянат өлүмдөн Өз улуулугуң менен сактай көр!

# Пайгамбарыбыздын коргоо тилеген дубалары

Кийинки

Биринчи баракка кайтуу

1

«اللَّهُمَّ إِنِّي أَعُوذُ بِكَ مِنْ شَرِّ مَا عَمِلْتُ وَشَرِّ مَا لَمْ أَعْمَلْ»

*Аллоҳумма инний аъуузу бика мин шарри маа ъамилту ва шарри маа лам аъмал.*

О Аллахым! Мен Сенден жасаган жана жасабаган иштеримдин жамандыгынан коргоо тилеймин!

Бул дубаны пайгамбарыбыз (ага Аллахтын саламы болсун) көп окуйт эле.

2

«اللَّهُمَّ إِنِّي أَعُوذُ بِكَ أَنْ أُشْرِكَ بِكَ وَأَنَا أَعْلَمُ، وَأَسْتَغْفِرُكَ لِمَا لَا أَعْلَمُ»

*Аллоҳумма инний аъуузу бика ан ушрика бика ва ана аъламу ва астағфирука лимаа лаа аълам.*

“О Аллахым! Мени билип жасаган ширктен сакта жана билбей жасаган күнөөлөрүмдү кечир!”

Бул дуба риядан сактануу үчүн окулат

3

«اللَّهُمَّ إِنِّي أَعُوذُ بِكَ مِنْ زَوَالِ نِعْمَتِكَ، وَتَحَوُّلِ عَافِيَتِكَ، وَفُجَاءَةِ نِقْمَتِكَ، وَجَمِيعِ سَخَطِكَ»

*Аллоҳумма инний аъуузу бика мин завaали ниъматика ва таҳаввули ъаафиятика ва фужаа'ати никматика ва жамий,и сахотик.*

"О Аллахым! Мени нээматыңдын кетишинен, тынчтыктын (тынчсыздыкка) алмашуусунан, кокустан келчү азабыңдан жана бардык ачууңдан сакта!"

**4**

«اللَّهُمَّ إِنِّي أَعُوذُ بِكَ مِنْ مُنْكَرَاتِ الأَخْلاَقِ، وَالأَعْمَالِ، وَالأَهْوَاءِ، وَالْأَدْوَاءِ»

*Аллоҳумма инний аъуузу бика мин мункароотил ахлааҕи вал-аъмаали вал-аҳваали вал-адваа’.*

Оо, Аллахым! Мени жаман кулк, жаман амал жана жаман каалоолордон сакта!

5

«اللَّهمَّ إنِّي أَعُوْذُ بِكَ مِنْ جَهْدِ البَلاَءِ، وَدَرَكِ الشَّقَاءِ، وَسُوءِ القَضَاءِ، وَشَمَاتَةِ الأَعْدَاءِ»

*Аллоҳумма инний аъуузу бика мин жаҳдил балааи ва дарокиш шақоои ва сууил қазоои ва шамаататил аъдаа'.*

О Аллахым! Мен оор балээден, бактысыздыктан, жаман казаа – тагдырдан жана душмандарга маскара болуудан бир гана Өзүңдүн коргооңо калкаланамын!"

**6**

«اللَّهُمَّ إِنِّي أَعُوذُ بِكَ مِنَ الْعَجْزِ، وَالْكَسَلِ، وَالْجُبْنِ، وَالْبُخْلِ، وَالْهَرَمِ، وَعَذَابِ الْقَبْرِ اللَّهُمَّ آتِ نَفْسِي تَقْوَاهَا، وَزَكِّهَا أَنْتَ خَيْرُ مَنْ زَكَّاهَا، أَنْتَ وَلِيُّهَا وَمَوْلَاهَا، اللَّهُمَّ إِنِّي أَعُوذُ بِكَ مِنْ عِلْمٍ لَا يَنْفَعُ، وَمِنْ قَلْبٍ لَا يَخْشَعُ، وَمِنْ نَفْسٍ لَا تَشْبَعُ، وَمِنْ دَعْوَةٍ لَا يُسْتَجَابُ لَهَا»

*Аллоҳумма инний аъуузу бика минал ъажзи вал-касали вал-жубни вал-бухли вал-ҳароми ва ъазаабил қобр, Аллоҳумма аати*

*нафсий тақвааҳаа, ва заккиҳаа анта хойру ман заккааҳаа, анта валиййуҳаа ва мавлааҳаа. Аллоҳумма инний аъуузу бика мин ъилмин лаа янфаъ, ва мин қолбин лаа яхшаъ, ва мин нафсин лаа ташбаъ, ва мин даъватин лаа юстажаабу лаҳаа.*

О Аллахым! Мени алсыздыктан, ооруудан, суу жүрөктүктөн, сараңдыктан, карылык алсыздыгынан жана кабыр азабынан сакта! Менин нафсиме такыбасын бер жана аны тазарт, Сен эң жакшы тазартуучусуң! Сен анын башчысы жана

кожоюнусуң! Аллахым! Мени пайдасыз илимден, такыбасыз жүрөктөн, тойбос напсиден жана кабыл болбос дубадан сакта!

**7**

«اللَّهُمَّ إِنِّي أَعُوذُ بِكَ مِنَ الهَمِّ وَالحَزَنِ، وَالعَجْزِ وَالكَسَلِ، وَالبُخْلِ وَالجُبْنِ، وَضَلَعِ الدَّيْنِ، وَغَلَبَةِ الرِّجَالِ»

*Аллоҳумма инний аъуузу бика минал ҳамми вал-ҳазани вал-ъажзи вал-касали вал-бухли вал-жубни ва золаъид дайни ва ғолабатир рижаал.*

Аллахым! Мен кайгы-капачылыктан, алсыздык жана ооруудан, бакылдыктан, ташбоордуктан, коркоктуктан,

карыздын жүгүнөн жана адамдардын эзүүсүнөн коргоо тилеп Өзүңө жалбарамын!”

**8**

«اللَّهُمَّ إِنِّي أَعُوذُ بِكَ مِنْ شَرِّ سَمْعِي، وَمِنْ شَرِّ بَصَرِي، وَمِنْ شَرِّ لِسَانِي، وَمِنْ شَرِّ قَلْبِي، وَمِنْ شَرِّ مَنِيِّي»

*Аллоҳумма инний аъуузу бика мин шарри самъий ва мин шарри басорий ва мин шарри лисааний ва мин шарри қолбий ва мин шарри манийййий.*

О Аллахым! Мени кулагым уккан, көзүм көргөн, тилим сүйлөгөн, дилиме түшкөн жана жыныстык нафсим себеп болуучу жамандыктардан сакта!

**9**

«اللَّهُمَّ إِنِّي أَعُوذُ بِكَ مِنْ فِتْنَةِ النَّارِ وَمِنْ عَذَابِ النَّارِ، وَأَعُوذُ بِكَ مِنْ فِتْنَةِ القَبْرِ، وَأَعُوذُ بِكَ مِنْ عَذَابِ القَبْرِ، وَأَعُوذُ بِكَ مِنْ فِتْنَةِ الغِنَى، وَأَعُوذُ بِكَ مِنْ فِتْنَةِ الفَقْرِ، وَأَعُوذُ بِكَ مِنْ فِتْنَةِ المَسِيحِ الدَّجَّالِ»

*Аллоҳумма инний аъуузу бика мин фитнатин наари ва мин азаабин наар, ва аъуузу бика мин фитнатил қобри ва аъуузу бика мин азаабил қобр, ва аъуузу бика мин фитнатил гинаа ва аъуузу бика мин фитнатил факр,*

*ва аъуузу бика мин фитнатил Масийҳид Дажжаал.*

“О Аллахым! Мени Тозоктун сыноосунан жана азабынан, мүрзөнүн сыноосунан жана азабынан, ошондой эле байлык кедейликтин сыноосунан сакта! О Аллахым! Мени Масихуд-Дажжалдын сыноосунан сакта!

**10**

«اللَّهُمَّ إِنِّي أَعُوذُ بِعِزَّتِكَ، لَا إِلَهَ إِلَّا أَنْتَ، أَنْ تُضِلَّنِي، أَنْتَ الْحَيُّ الَّذِي لَا يَمُوتُ، وَالْجِنُّ وَالْإِنْسُ يَمُوتُونَ»

*Аллоҳумма инний аъуузу биъиззатика лаа илааҳа иллаа анта ан тузилланий, антал ҳаййуллазий лаа ямуут, вал-жинну вал-инсу ямуутуун.*

О Аллахым! Өзүңдөн башка кудай жок! Өз кудуретиң менен мени адаштыруундан сакта! Бардык жиндер жана инсандар өлөт, Сен эч качан өлбөй турган Тирүүсүң!

11

«اللَّهُمَّ إِنِّي أَعُوذُ بِكَ مِنَ الْبَرَصِ، وَالْجُنُونِ، وَالْجُذَامِ، وَمِنْ سَيِّئِ الْأَسْقَامِ»

*Аллоҳумма инний аъуузу бика минал бароси вал-жунууни вал-жузаами ва мин саййи'ил аскоом.*

О Аллахым! Мени ала ооруусунан, жиндиликтен, макоолуктан жана башка ооруулардан сакта!

12

«اللَّهُمَّ إِنِّي أَعُوذُ بِكَ مِنْ يَوْمِ السَّوْءِ، وَمِنْ لَيْلَةِ السَّوْءِ، وَمِنْ سَاعَةِ السَّوْءِ، وَمِنْ صَاحِبِ السَّوْءِ، وَمِنْ جَارِ السَّوْءِ فِي دَارِ الْمُقَامَةِ»

*Аллоҳумма инний аъуузу бика мин явмис суу’и ва мин лайлатис суу’и ва мин сааъатис суу’и ва мин соохибис суу’и ва мин жаарис суу’и фий даарил муқоомаҳ.*

О Аллахым! Мени жаман күндөн, жаман түндөн, жаман убакыттан,

жаман достон жана коно турган жердеги жаман кошунадан сактай көр!

13

«أَعُوذُ بِاللهِ مِنَ الْفِتَنِ، مَا ظَهَرَ مِنْهَا وَمَا بَطَنَ»

*Аъуузу биллаҳи минал фитани маа зоҳаро минҳаа ва маа батон.*

О Аллахым! Мени көрүнгөн-көрүнбөгөн фитналардан сакта!

# Рукья (дем салуу) дубалары



Кийинки

Биринчи баракка кайтуу

1

## Фатиха сүрөсүн 7 ирет окуу

﴿أَعُوذُ بِاللَّهِ مِنَ الشَّيْطَانِ الرَّجِيمِ، بِسۡمِ
ٱللَّهِ ٱلرَّحۡمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ ١ ٱلۡحَمۡدُ لِلَّهِ رَبِّ
ٱلۡعَٰلَمِينَ ٢ ٱلرَّحۡمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ ٣ مَٰلِكِ يَوۡمِ
ٱلدِّينِ ٤ إِيَّاكَ نَعۡبُدُ وَإِيَّاكَ نَسۡتَعِينُ ٥
ٱهۡدِنَا ٱلصِّرَٰطَ ٱلۡمُسۡتَقِيمَ ٦ صِرَٰطَ ٱلَّذِينَ
أَنۡعَمۡتَ عَلَيۡهِمۡ غَيۡرِ ٱلۡمَغۡضُوبِ عَلَيۡهِمۡ
وَلَا ٱلضَّآلِّينَ ٧﴾ [الفاتحة:١-٧]

Куулган шайтандын зыянынан Аллахтан коргоо тилеймин

1. Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын аты менен (баштаймын).

2. Ааламдардын Раббиси – Аллахка алкыш-мактоо болсун!

3. Ал – Ырайымдуу, Мээримдүү.

4. Кыямат Күндүн падышасы.

5. «Жалгыз Сага гана сыйынабыз жана Сенден гана жардам сурайбыз!

6. (О, Жараткан!) Бизди Туура Жолго баштагын!

7. Өзүң жакшылык берген адамдардын жолуна (баштагын). Каарыңа учурагандардын жана адашкандардын жолуна эмес».

2

# Аят аль Курсини бир ирет окуйт

﴿ٱللَّهُ لَآ إِلَٰهَ إِلَّا هُوَ ٱلۡحَيُّ ٱلۡقَيُّومُۚ لَا تَأۡخُذُهُۥ
سِنَةٞ وَلَا نَوۡمٞۚ لَّهُۥ مَا فِي ٱلسَّمَٰوَٰتِ وَمَا فِي
ٱلۡأَرۡضِۗ مَن ذَا ٱلَّذِي يَشۡفَعُ عِندَهُۥٓ إِلَّا بِإِذۡنِهِۦۚ
يَعۡلَمُ مَا بَيۡنَ أَيۡدِيهِمۡ وَمَا خَلۡفَهُمۡۖ وَلَا يُحِيطُونَ
بِشَيۡءٖ مِّنۡ عِلۡمِهِۦٓ إِلَّا بِمَا شَآءَۚ وَسِعَ كُرۡسِيُّهُ
ٱلسَّمَٰوَٰتِ وَٱلۡأَرۡضَۖ وَلَا يَـُٔودُهُۥ حِفۡظُهُمَاۚ وَهُوَ
ٱلۡعَلِيُّ ٱلۡعَظِيمُ ٢٥٥﴾ [البقرة: ٢٥٥]

Аллах... Эч бир сыйынууга татыктуу кудай жок, Өзү гана

бар. (Ал) – түбөлүк Тирүү, (ар нерсени башкарып) Туруучу. Аны үргүлөө да, уйку да кармабайт. Асмандардагы жана жердегинин баары Аныкы! Анын алдында, Анын уруксаты болмоюнча эч ким (эч кимге) шапаат-колдоочулук кыла албайт. Ал алардын (бардык макулуктардын) келечегиндеги жана өтмүшүндөгү нерселерди билет. Ал эми, алар (калк-калайыктар) болсо, Анын илиминен Ал Өзү каалагандан башка эч нерсени билишпейт. Анын Курсийси асмандар жана Жерден да кенен. Ал экөөнү

(асмандар менен жерди) сактап туруу Аны такыр чарчатпайт. Жана Ал – эң Жогорку жана эң Улук! *(Бакара: 255-аят)*

3

«Ихлас», «Кул аузу би Роббил фалак», «Кул аузу би Роббин-нас» сүрөлөрүн окуп, оорулуу жерди сылайт. Муну 3 ирет кайталайт.

﴿قُلْ هُوَ ٱللَّهُ أَحَدٌ ١ ٱللَّهُ ٱلصَّمَدُ ٢ لَمْ يَلِدْ وَلَمْ يُولَدْ ٣ وَلَمْ يَكُن لَّهُۥ كُفُوًا أَحَدٌۢ ٤﴾ [سورة الإخلاص]

“Айт (о Мухаммад:) Ал – Аллах жалгыз! Аллах – Сомад (Беймуктаж) Ал туубаган жана да туулбаган! Жана эч ким Ага тең эмес!” *(Ихлас сүрөсү)*

﴿قُلۡ أَعُوذُ بِرَبِّ ٱلۡفَلَقِ ١ مِن شَرِّ مَا خَلَقَ ٢ وَمِن شَرِّ غَاسِقٍ إِذَا وَقَبَ ٣ وَمِن شَرِّ ٱلنَّفَّٰثَٰتِ فِي ٱلۡعُقَدِ ٤ وَمِن شَرِّ حَاسِدٍ إِذَا حَسَدَ ٥﴾ [سورة الفلق]

Айт (о, Мухаммад): «Таңдын Раббисинен коргоо тилеймин:

(Өзү) жараткан (зыяндуу) нерселердин жамандыгынан..,

Каптап кирген учурдагы (караңгы) түндүн жамандыгынан..,

Түйүндөргө дем салган сайкырчылардын жамандыгынан..,

Сугун арткан учурда, көрө албаган кишинин жамандыгынан.

﴿قُلۡ أَعُوذُ بِرَبِّ ٱلنَّاسِ ١ مَلِكِ ٱلنَّاسِ ٢ إِلَٰهِ ٱلنَّاسِ ٣ مِن شَرِّ ٱلۡوَسۡوَاسِ ٱلۡخَنَّاسِ ٤ ٱلَّذِي يُوَسۡوِسُ فِي صُدُورِ ٱلنَّاسِ ٥ مِنَ ٱلۡجِنَّةِ وَٱلنَّاسِ ٦﴾ [سورة الناس]

“Айткын (оо, Мухаммад) «Мен инсандардын Раббисинен; Инсандардын падышасынан;

инсандардын (сыйынууга татыктуу болгон) Кудайынан коргоо тилеймин (Аллахтын ысымы айтылганда) жашынып калуучунун жамандыгынан. Ал (шайтан) адамдардын көкүрөгүнө азгырык салат. Алар (азгыруучу шайтандар) жиндерден жана адамдардан болот”. *(Ан-Нас сүрөсү)*

**4**

«اللَّهُمَّ رَبَّ النَّاسِ أَذْهِبِ البَاسَ، اشْفِ أَنْتَ الشَّافِي، لاَ شِفَاءَ إِلَّا شِفَاؤُكَ، شِفَاءً لاَ يُغَادِرُ سَقَمًا»

*Аллоҳумма Роббан нааси азҳибил баас, ишфи анташ Шаафий, лаа шифаа’а иллаа шифааук, шифаа’ан лаа юғоодиру сақоман.*

«О Аллахым! Адамдардын Раббиси! Ушул орууну арылта

көр! Шыпаа бер, Өзүң гана шыпаа берүүчүсүң! Сенин шыпааңдан башка шыпаа жок! Эч кандай сыркоону калтырбай турган шыпаа бер!»

Ушуну окуп, оң колу менен оорулууну, же анын ооруган жерин сылайт

5

«بِسْمِ اللهِ، تُرْبَةُ أَرْضِنَا، بِرِيقَةِ بَعْضِنَا، يُشْفَى سَقِيمُنَا، بِإِذْنِ رَبِّنَا»

*Бисмиллаҳи турбату арзинаа би-рийқоти баъзинаа юшфаа сақиймунаа би-изни Роббинаа.*

“Бисмиллах, жерибиздин топурагы биздин бирөөбүздүн шилекейи менен (аралашат жана андан) Раббибиздин уруксаты менен оорууларыбыз шыпаа табат”.

Шилекейлеп, аны топурак менен жуурулуштуруп, кийин ошол бармагын оорулуу жерге коюп, ушул дубаны окуйт

6

«بِاسْمِ اللّٰهِ» «أَعُوذُ بِاللّٰهِ وَقُدْرَتِهِ مِنْ شَرِّ مَا أَجِدُ وَأُحَاذِرُ»

*“Бисмиллаҳ”. “Аъуузу биллааҳи ва қудротиҳии мин шарри маа ажиду ва уҳаазир”.*

«Бисмиллах. Мен өзүм сезген жана сактанган нерселердин жамандыгынан Аллахтын кудурети жана улуулугу менен коргоо тилеймин!»

Колун оорулуу жерге коюп, 3 ирет «بسم الله» “Бисмиллахты”, 7 ирет «أَعُوذُ بِاللّٰهِ وَقُدْرَتِهِ مِنْ شَرِّ مَا أَجِدُ وَأُحَاذِرُ».

“Аъуузу биллааҳи ва қудротиҳии мин шарри маа ажиду ва уҳаазир” дубасын окуйт.

7

«أَعُوذُ بِكَلِمَاتِ اللهِ التَّامَّةِ، مِنْ كُلِّ شَيْطَانٍ وَهَامَّةٍ، وَمِنْ كُلِّ عَيْنٍ لاَمَّةٍ»

*Аъуузу би калимаатиллааҳит тааммаҳ, мин кулли шайтоонин ва ҳааммаҳ, ва мин кулли ъайнин лааммаҳ.*

«Ар кандай шайтандан, жылан-чаяндардан жана ар кандай зыяндуу көздөн мен сага Аллахтын кемелдүү сөздөрү менен коргоо тилеймин!»

**8**

«أَعُوذُ بِكَلِمَاتِ اللهِ التَّامَّاتِ مِنْ شَرِّ مَا خَلَقَ»

*Аъуузу би калимаатиллааҳит тааммаати мин шарри маа холақ.*

Аллах жараткан нерселердин зыяндыгынан Аллахтын кемелдүү сөздөрү менен коргоо тилеймин.

9

«بِسْمِ اللهِ الَّذِي لَا يَضُرُّ مَعَ اسْمِهِ شَيْءٌ، فِي الْأَرْضِ، وَلَا فِي السَّمَاءِ، وَهُوَ السَّمِيعُ الْعَلِيمُ»

*«Бисмиллааhил-лазий лаа ядурру ма’ас-миhи шай ун филь-арди ва лаа фис-самаа-и ва хува с-Самий’ул’Алиим»*

Аллах ушундай: Анын ысымы менен (жүрсөк бизге) жер-асмандагы эч нерсе зыян жеткире албайт! Алла — Угуучу жана Билүүчү

Бул дубаны 3 ирет окуйт

## 10

«بِاسْمِ اللهِ أَرْقِيكَ، مِنْ كُلِّ شَيْءٍ يُؤْذِيكَ، مِنْ شَرِّ كُلِّ نَفْسٍ أَوْ عَيْنِ حَاسِدٍ، اللهُ يَشْفِيكَ بِاسْمِ اللهِ أَرْقِيكَ»

*Бисмиллаахи арқийка, мин кулли шай’ин ю’зийка, мин шарри кулли нафсин ав ъайнин ҳаасидин Аллооҳу яшфийка бисмиллааҳи арқийка.*

“Мен сени Аллахтын ысымы менен, ар кандай сага зыян берген нерселерден окуймун. Ар кандай ичи кара адамдын кара ниетинен жана көзчүл адамдын “көзүнөн” (мен сага дем саламын)”

11

«أَسْأَلُ اللهَ الْعَظِيمَ رَبَّ الْعَرْشِ الْعَظِيمِ أَنْ يَشْفِيَكَ»

*Ас'алуллоохал Азийма Роббал аршил ъазийми ай яшфияка.*

"Мен Улук Арштын Раббиси – Улук Аллахтан сага шыпаа беришин сураймын"

Бул дубаны 7 ирет окуйт. Эгер өзүнө дем салса, акыркы сөздү "ай яшфийни" деп айтат.

# Рукья кылуунун шарттары жана башка эскертүүлөр

1

Рукья туура, башкача айтканда жалаң Кураан жана сүннөттөн алынган дубалар болушу жана аны окуу ыкмасына жана сөздөрүнө (текстине) арам болгон ширк, бадьат сөздөрү аралашпаган болушу кажет.

2

Мусулман Раббисине байланып, Ага өзүн толук тапшырышы жана рукья Аллахтын каалоосу менен гана таасир бере турган бир себеп экенин жакшы билиши керек.

3

Тажрыйба катары (пайдасы тиеби, же жокпу деп) рукья кылбаш керек. Балким, дем салуучу дагы, оорулуу дагы рукьянын таасирине бекем ишениши зарыл.

4

Куранндын бардык аяттары шыпаа. Анткени, Аллах Таала:

﴿وَنُنَزِّلُ مِنَ ٱلۡقُرۡءَانِ مَا هُوَ شِفَآءٞ وَرَحۡمَةٞ لِّلۡمُؤۡمِنِينَ﴾ [الإسراء:٨٢]

«Мен Куранда ыймандууларга ырайым жана шыпаа боло турган аяттарды түшүрдүм» *(Исра: 82)* деген. Бирок, пайгамбарыбыз рукьяда окуган аяттар менен дем салган абзел.

5

Оорулуу адам өзүнө-өзү дем салганы абзел. Бул эң пайдалуу ыкма. Анткени, мында чынчылдык, Раббиге муктаждык, жүрөктүн сергек болушу жана калыс ниет көп болгондуктан пайдасы дагы көп болот.

# Эрте менен жана кечинде окула турган дубалар

Кийинки

Биринчи баракка кайтуу

1

«لَا إِلَهَ إِلَّا اللهُ وَحْدَهُ لَا شَرِيكَ لَهُ، لَهُ الْمُلْكُ وَلَهُ الْحَمْدُ، وَهُوَ عَلَى كُلِّ شَيْءٍ قَدِيرٌ»

*Лаа илааҳа иллаллооҳу ваҳдаҳуу лаа шарийка лаҳ, лаҳул мулку ва лаҳул ҳамду ва ҳува алаа кулли шай'ин Кодийр.*

Жеке-жалгыз Аллахтан башка чыныгы кудай жок. Мүлк Аныкы, мактоо дагы Ага гана ылайык. Ал бардык нерселерге Кудуретүү!

Бул дуба 10 ирет окулат

2

«أَصْبَحْنَا وَأَصْبَحَ الْمُلْكُ لِلّٰهِ، وَالْحَمْدُ لِلّٰهِ، لاَ إِلَهَ إِلَّا اللهُ وَحْدَهُ لاَ شَرِيكَ لَهُ، اللَّهُمَّ إِنِّي أَسْأَلُكَ خَيْرِ مَا فِي هَذَا الْيَوم، وَخَيْر مَا بعدِه، وَأَعُوذُ بِك مِنْ شَرِّ مَا فِي هَذا اليَوم، وَشَر مَا بَعْدِه، اللَّهُمَّ إِنِّي أَعُوذُ بِكَ مِنَ الْكَسَلِ، وَالْهَرَمِ، وَسُوءِ الْكِبَرِ، وَفِتْنَةِ الدُّنْيَا، وَعَذَابِ الْقَبْرِ»

*Асбаҳнаа ва асбаҳал мулку лиллааҳи вал ҳамду лиллааҳи лаа илааҳа иллаллооҳу ваҳдаҳу лаа шарийка лаҳ. Аллоҳумма инний*

*ас’алука хойро маа фий ҳаазал явми ва хойро маа баъдиҳ, ва ауузу бика мин шарри маа фий ҳазал явми ва шарри маа баъдиҳу. Аллоҳумма инний аъуузу бика минал касали вал ҳароми ва суу’ил кибари ва фитнатид дунйаа ва азаабил қобр.*

Биз таң аттырдык жана бүткүл мүлк Аллахка таандык болуп таң аттырды. Бардык мактоолор Аллахка ылайык. Аллахтан башка эч бир кудай жок. Ал жалгыз жана анын шериги жок. Мүлк Ага таандык жана даңк-мактоо ага ылайык. Ал бардык нерсеге

Кадыр. О, Раббим! Сенден ушул түндөгү жана андан кийинки жакшылыкты сурайм. Жана ушул түнкү жана андан кийинки жамандыктардан сактоону тилеймин. О, Раббим! Мен жалкоолуктан жана карылыктын жамандыгынан Сенден коргоо тилеймин. О, Раббим! Мени тозок азабынан жана кабыр азабынан Өзүң сактай көр!

Бул дуба таңга маал окулат

«أَمْسَيْنَا وَأَمْسَى الْمُلْكُ لِلّٰهِ، وَالْحَمْدُ لِلّٰهِ، لاَ إِلَهَ إِلَّا اللّٰهُ وَحْدَهُ لاَ شَرِيكَ لَهُ، اللَّهُمَّ إِنِّي أسْأَلُكَ خَيْرِ مَا فِي هَذَه اللَّيْلَةِ، وَخَيْر مَا بعدِها، وَأَعُوذُ بِك مِنْ شَرِّ مَا فِي هَذه اللَّيْلَةِ، وَشَر مَا بَعْدِها، اللَّهُمَّ إِنِّي أَعُوذُ بِكَ مِنَ الْكَسَلِ، وَالْهَرَمِ، وَسُوءِ الْكِبَرِ، وَفِتْنَةِ الدُّنْيَا، وَعَذَابِ الْقَبْر»

*Амсайнаа ва амсал мулку лиллааҳи вал-ҳамду лиллааҳи лаа илааҳа иллаллооҳу ваҳдаҳу лаа шарийка лаҳ. Аллоҳумма инний ас’алука*

*хойро маа фий ҳаазиҳил лайлати ва хойро маа баъдиҳаа, ва аъуузу бика мин шарри маа фий ҳазиҳил лайлати ва шарри маа баъдиҳаа. Аллоҳумма инний аъуузу бика минал касали вал ҳароми ва суу’ил кибари ва фитнатид дунйаа ва ъазаабил қобр.*

Биз кечке кирдик жана бүткүл мүлк Аллахка таандык болуп кечке кирди. Бардык мактоолор Аллахка ылайык. Аллахтан башка эч бир кудай жок. Ал жалгыз жана анын шериги жок. Мүлк Ага таандык жана даңк-мактоо ага ылайык. Ал бардык нерсеге

Кадыр. О, Раббим! Сенден ушул түндөгү жана андан кийинки жакшылыкты сурайм. Жана ушул түнкү жана андан кийинки жамандыктардан сактоону тилеймин. О, Раббим! Мен жалкоолуктан жана карылыктын жамандыгынан Сенден коргоо тилеймин. О, Раббим! Мени тозок азабынан жана кабыр азабынан Өзүң сактай көр!

Бул дуба кечке маал окулат

3

«اللَّهُمَّ أَنْتَ رَبِّي لَا إِلَهَ إِلَّا أَنْتَ خَلَقْتَنِي، وَأَنَا عَبْدُكَ، وَأَنَا عَلَى عَهْدِكَ وَوَعْدِكَ مَا اسْتَطَعْتُ، أَعُوذُ بِكَ مِنْ شَرِّ مَا صَنَعْتُ، أَبُوءُ لَكَ بِنِعْمَتِكَ عَلَيَّ، وَأَبُوءُ لَكَ بِذَنْبِي فَاغْفِرْ لِي فَإِنَّهُ لَا يَغْفِرُ الذُّنُوبَ إِلَّا أَنْتَ»

*«Аллооhумма Анта Робби лаа илааhа илла ант(а), холак-таний ва ана `абдук(а) ва анаа `алаа `ахдика ва ва’дика мас-тато’ту, а `уузу бика мин шарри маа сана`ту абуу-у лака бини’матика `алай-йа, ва абуу-у бизам-бий*

*фаг-фирлий фаин-наһу лаа ягфируззунууба иллаа Ант».*

О, Аллах! Сен менин Раббимсиң! Сенден башка эч бир кудай жок. Сен мени жараттың. Мен сенин кулуңмун. Мен күч-кудуретим жеткенче сага берген убадамды жана шартымды сактаймын жана жасаган иштеримдин жамандыгынан Сенден коргоо сураймын. Мага берген неъматтарыңды моюнга алам жана күнөөлөрүмдү да мойнума алам. Мени кечире көр. Чындыгында Сенден башка күнөөлөрдү кечирүүчү эч ким жок.

**4**

«اللَّهُمَّ بِكَ أَصْبَحْنَا، وَبِكَ أَمْسَيْنَا، وَبِكَ نَحْيَا، وَبِكَ نَمُوتُ، وَإِلَيْكَ الْمَصِيرُ»

*“Аллоҳумма бика асбаҳнаа ва бика амсайнаа ва бика наҳйаа ва бика намууту ва илайкал масийр”. (Бул таңкы дуба)*

О, Аллах! Сенин көмөгүң менен таң аттырдык жана Сенин көмөгүң менен кечке кирдик. Сенин көмөгүң менен жашайбыз жана өлөбүз. Сенин Өзүңө кайтып барабыз.

Муну таңга маал окуйт

«اللَّهُمَّ بِكَ أَمْسَيْنَا وَبِكَ أَصْبَحْنَا وَبِكَ نَحْيَا وَبِكَ نَمُوتُ وَإِلَيْكَ النُّشُورُ»

*“Аллоҳумма бика амсайнаа ва бика асбаҳнаа ва бика наҳйаа ва бика намууту ва илайкан нушуур”. (Бул кечки дуба)*

“О, Аллах! Сенин көмөгүң менен кечке кирдик. Сенин көмөгүң менен таң аттырдык. Сенин көмөгүң менен жашайбыз жана өлөбүз. Жана Сенин Өзүңө кайтып барабыз.

Муну кечке маал окуйт

**5**

«اللَّهُمَّ فَاطِرَ السَّمَوَاتِ وَالْأَرْضِ، عَالِمَ الْغَيْبِ وَالشَّهَادَةِ، لَا إِلَهَ إِلَّا أَنْتَ رَبَّ كُلِّ شَيْءٍ وَمَلِيكَهُ، أَعُوذُ بِكَ مِنْ شَرِّ نَفْسِي وَمِنْ شَرِّ الشَّيْطَانِ وَشِرْكِهِ، وَأَنْ أَقْتَرِفَ عَلَى نَفْسِي سُوءًا، أَوْ أَجُرَّهُ إِلَى مُسْلِمٍ»

*“Аллохумма ‘Аалималь гойби ваш шахаадати . Фаатирос самааваати валь арди . Робба кулли шай ин ва малийкаху. Ашхаду ан лаа илааха иллаа Ант. А’увзу бика мин шарри нафсий ва мин шарриш шайтоони ва*

*шаракихи. Ва ан актарифа ‘алаа нафсий сув ан ав ажурраху ‘алаа муслим».*

Көмүскө-ашкере нерселерди Билүүчү, асмандар менен жердин Жаратуучусу, бардык нерселердин Раббиси жана падышасы болгон О, Аллах! Сенден башка эч бир кудай жок экендигине күбөлүк беремин. Жана өз напсимдин жамандыгынан, шайтандын жамандыгы менен тузагынан Өзүңдүн коргооңо качам. Өзүмө же болбосо башка бир мусулманга жамандык жасап коюудан Өзүң сакта!

6

«بِسْمِ اللهِ الَّذِي لَا يَضُرُّ مَعَ اسْمِهِ شَيْءٌ فِي الْأَرْضِ وَلَا فِي السَّمَاءِ وَهُوَ السَّمِيعُ الْعَلِيمُ»

*Бисмиллааҳиллазий лаа язурру маъасмиҳи шай’ун фил-арзи ва лаа фис-самааи ва ҳувас Самийъул Алийм.*

Бисмиллах. Анын ысымын оозанып (Ага таянып) жүргөндө жер-асмандардагы эч нерсе зыян жеткире албайт! Ал – Угуучу, Билүүчү!

Бул 3 ирет окулат

7

«رَضِيتُ بِاللهِ رَبًّا، وَبِالْإِسْلَامِ دِينًا، وَبِمُحَمَّدٍ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ نَبِيًّا»

*Родийту биллааҳи Роббан ва бил-ислаами дийнан ва би-Муҳаммадин соллаллоҳу алайҳи ва саллама набиййан.*

Мен Аллахты Раббим деп, исламды диним деп, Мухаммад саллаллоху алайхи ва салламды пайгамбарым деп ыраазы болдум.

8

«اللَّهُمَّ إِنِّي أَسْأَلُكَ الْعَافِيَةَ فِي الدُّنْيَا وَالْآخِرَةِ، اللَّهُمَّ إِنِّي أَسْأَلُكَ الْعَفْوَ وَالْعَافِيَةَ فِي دِينِي وَدُنْيَايَ، وَأَهْلِي وَمَالِي، اللَّهُمَّ اسْتُرْ عَوْرَاتِي، وَآمِنْ رَوْعَاتِي، اللَّهُمَّ احْفَظْنِي مِنْ بَيْنِ يَدَيَّ وَمِنْ خَلْفِي، وَعَنْ يَمِينِي وَعَنْ شِمَالِي، وَمِنْ فَوْقِي، وَأَعُوذُ بِعَظَمَتِكَ أَنْ أُغْتَالَ مِنْ تَحْتِي»

*Аллоҳумма инний ас’алукал ъаафията фид-дунйаа вал-аахироҳ, Аллоҳумма инний ас’алукал ъафва вал-ъаафията*

*фий дийний ва дунйаая ва аҳлий ва маалий. Аллоҳуммастур ъавроотий, ва аамин ровъаатий, Аллоҳуммаҳфазний мин байни ядайя ва мин холфий ва ъан ямийний ва ъан шимаалий ва мин фавқий, ва аъуузу биъазоматика ан уғтаала мин таҳтий.*

О, Аллах! Мен Сенден дүйнө жана Акыретте кечирим менен амандыкты тилеймин. О, Аллах! Мен Сенден динимде, турмуш-тиричилигимде, үй -бүлөм менен мал-мүлкүмдө кечирим жана амандыкты тилеймин. О, Аллах! Менин уяттуу жерлеримди Өзүң

бекит. Мага коркунучтардан амандык бер. О, Аллах! Мени алды-артыман, оң жак-сол жагымдан жана төбөмдөн (келген балээлерден) Өзүң сакта. Ошондой эле түбүмөн келүүчү кыянат өлүмдөн Өз улуулугуң менен сактай көр!

9

«أَعُوذُ بِكَلِمَاتِ اللهِ التَّامَّاتِ مِنْ شَرِّ مَا خَلَقَ»

*Аъуузу бикалимаатиллааҳит таамматаати мин шарри ма холақ.*

Аллахтын кемчилдиксиз ысымдары менен Ал жараткан нерселердин жамандыгынан коргоо тилеймин!

## 10

«أَصْبَحْنَا عَلَى فِطْرَةِ الْإِسْلَامِ، وَكَلِمَةِ الْإِخْلَاصِ، وَدِينِ نَبِيِّنَا مُحَمَّدٍ -صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ- وَمِلَّةِ أَبِينَا إِبْرَاهِيمَ حَنِيفًا، وَمَا كَانَ مِنْ الْمُشْرِكِينَ»

*«Асбахнаа алаа фитротил-ислаам(и) ва алаа каллиматил-ихлаас, ва алаа дийни набиййинаа Мухаммадин саллаллоohу `алайhи васаллам, ва`алаа миллати абийна Иброоhима ханифам-муслима. Ва маа каана минал мушрикиин».*

Биз ислам табияты, ихлас келмеси жана пайгамбарыбыз Мухаммад *саллаллооһу алайһи ва салламдын* алып келген дини боюнча, ошондой эле атабыз Ибрахимдин улутуна таандык абалда таң аттырдык. Ал (Ибрахим) нагыз мусулман эле. Ал мушриктерден эмес болчу.

Муну таңга маал окуйт

«أَمْسَيْنَا عَلَى فِطْرَةِ الإِسْلاَمِ، وَكَلِمَةِ الْإِخْلَاصِ، وَدِينِ نَبِيِّنَا مُحَمَّدٍ -صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ- وَمِلَّةِ أَبِينَا إِبْرَاهِيمَ حَنِيفًا، وَمَا كَانَ مِنْ الْمُشْرِكِينَ»

*«Амсайнаа алаа фитротил-ислаам(и) ва алаа каллиматил-ихлаас, ва алаа дийни набиййинаа Мухаммадин саллаллооhу `алайhи васаллам, ва`алаа миллати абийна Иброоhима ханифам-муслима. Ва маа каана минал мушрикиин».*

Биз ислам табияты, ихлас келмеси жана пайгамбарыбыз Мухаммад

*салаллооһу алайһи ва салламд*ын алып келген дини боюнча, ошондой эле атабыз Ибрахимдин улутуна таандык абалда кечке кирдик. Ал (Ибрахим) нагыз мусулман эле. Ал мушриктерден эмес болчу.

Муну кечке маал окуйт

11

«يَا حَيُّ يَا قَيُّومُ بِرَحْمَتِكَ أَسْتَغِيثُ أَصْلِحْ لِي شَأْنِي كُلَّهُ، وَلَا تَكِلْنِي إِلَى نَفْسِي طَرْفَةَ عَيْنٍ»

*«Йаа хайю йаа Коййууму бирахматика ас-тагийсу аслих лий ша'ний куллаhу ва лаа такил-ний илаа нафсий тор-фата `айнин».*

Эй (түбөлүк) Тирүү, эй түбөлүк жашоочу Аллах! Өз рахматың менен менин бардык иштеримди оңдо! Ошондой эле мени бир көз ирмемге болсо да өзүмө таштап койбо!

12

«حَسْبِيَ اللهُ لاَ إِلهَ إِلَّا هُوَ عَلَيْهِ تَوَكَّلْتُ وَهُوَ رَبُّ الْعَرْشِ الْعَظِيمِ»

*Ҳасбияллооҳу лаа илааҳа иллаа ҳува ъалайҳи таваккалту ва Хува Роббул аршил азийм.*

Мага Аллах жетиштүү! Андан башка чыныгы кудай жок! мен Ага өзүмдү тапшырдым (тобокел кылдым). Ал Улук Арштын Раббиси!

7 ирет окулат



# Китепте келген хадистердин булагы

## Биринчи: Аллахка мактоо (санаа) хадистеринин булактары

1. Муслим риваяты: 600-хадис
2. Муслим риваяты: 477-хадис
3. Байхакий. «Шеьбул ийман» китеби: 4087-хадис. Албаний «Сахиху таргиб» китебинде сахих деген
4. Бухарий риваяты: 1120, 7442-хадистер. Муслим риваяты: 769-хадис
5. Муслим риваяты: 2713-хадис
6. Хааким риваяты. “Мустадрак” 1920-хадис. Албаний «Силсиалтус

сахиха» китебинде сахих деген (267)

7 Абу Дауд риваяты: 1493-хадис. Термизий: 3475. Албаний «Мишкатул масабих» китебинде сахих жана хасан деген (2/708)

8 Бухарий: 6345. Муслим: 2730

9 Абу Дауд: 1525. Ибн Маажжа: 3382. Албаний « Таргиб ва тархиб» китебинде сахих деген (1824)

10 Муслим риваяты: 2696

11 Ибн Маажжа: 3878. Албаний «Ибн Маажжа хадистеринин булагы» китебинде сахих деген

12 Муслим риваяты: 1218

13 Бухарий: 6306

14 Абу Дауд: 1495. Термизий: 3544. Албаний «Мишкатул масабих» китебинде сахих жана хасан деген (2/708)

## Китепте келген хадистердин булагы

15 Табараний «Аусат» китебинде риваят кылган (7324). Албаний «Таргиб ва тархиб» китебинде сахих деген (1839)

16 Ахмад: 6/24. Абу Дауд: 873. Албаний «Мишкатул масабих» китебинде сахих деген (1/192)

17 Абу Дауд: 874. Насаий: 1069. Албаний «Мишкатул масабих» китебинде сахих деген (3/289)

18 Муслим: 601

## Экинчи: Намаз дубалары хадистеринин булактары

1 Бухарий: 744. Муслим: 598

2 Муслим: 770

3 Муслим: 771

4 Бухарий: 794. Муслим: 484

5 Муслим: 486

## Китепте келген хадистердин булагы

6 Муслим: 483

7 Бухарий: 6316. Муслим: 763

8 Бухарий: 1377. Муслим: 588

9 Абу Дауд: 1522. Насаий: 1303. Албаний «Мишкатул масабих» китебинде сахих деген (1/299)

10 Муслим: 771

11 Бухарий: 798. Муслим: 589

12 Абу Дауд: 792. Ибн Маажжа: 910. Албаний «Сахихул жамиус-сагир» китебинде сахих деген (1/604)

13 Бухарий: 2822-6390-хадистер

14 Бухарий: 834. Муслим: 2705

15 Хааким. “Мустадрак” китебинде риваят кылып, сахих деген. 190-хадис

16 Муслим: 709

## Үчүнчү: Хадистердеги пайгамбарыбыз сураган дубалардын булактары:

1. Бухарий: 6389. Муслим: 2690
2. Муслим: 2697
3. Термизий: 3563. Албаний «Силсилатус-сахиха» китебинде иснады сахих жана хасан деген (1/532)
4. Муслим: 2654. Бирок, бул хадистеги (يَا مُقَلِّبَ القُلُوبِ ثَبِّتْ قَلْبِي عَلَى دِينِكَ) «О жүрөктөрдүн оодаруучусу! Менин жүрөгүмдү диниңде бекем кыл!» деген сөз Термизийге тиешелүү: 3522-хадис. Термизий: «Бул хадис хасан»-деген.
5. Ахмад: 6/134. Ибн Маажжа: 1264/2. Албаний «Сахиху жамиус-сагир» китебинде сахих деген (1/274)

6 Термизий: 3524. Насаий, “Сунанул кубра” китеби: (212/9). Албаний «Сахиху жами» китебинде сахих деген (1913, 5820)

7 Ахмад: 4318. Шейхуль ислам Ибн Таймия жана анын шакирти Ибнул Каййим экөө сахих дешкен. Дагы караңыз: «Шифауль илал» китеби: (274)

8 Ибн Хиббан: 974. «Адамдын башына мүшкүл түшкөндө Аллах Тааладан ишине жеңилдик суроо» деген бабда келген. Албаний «Сахих» китебинде сахих деген (2886)

9 Муслим: 2721. Шейх Саадий (ага Аллахтын ырайымы болсун) бул дуба жөнүндө: “Бул көп жакшылыктарды жана дин-дүйнө жакшылыктарын өз ичине

камтыган, пайдалуу дубалардан”-деген. Караңыз: “Бахжату кулубил аброр, куррату уйунил ахрор” китеби, 205-бет.

10 Муслим: 2725

11 Муслим: 2720

12 Термизий: 3513. Ал: «Бул – хасан хадис»-деген.

13 Термизий: 3502. Насаий, «Сунанул кубра» китеби: 10161-хадис. Албаний «Сахиху жами» китебинде хасан деген (1268)

14 Термизий риваят кылган жана: «Бул – сахих, хасан хадис»-деген.

15 Ахмад: 22109. Термизий: 3235. Термизий: «Бул – сахих, хасан хадис»-деген.

16 Табароний, «Кабир» китеби: 7135-хадис. Албаний «Сахих»

китебинда «Бул – иснады жакшы хадис»-деген.

17 Ахмад: 1718. Абу Дауд: 1425. Албаний «Мишкатул масабих» китебинде сахих деген (1273)

18 Ахмад: 18325. Насаий: 1305. Албаний «Сахихуль жами» китебинде сахих деген (1301)

19 Абу Дауд: 5074. Бухарий, «Адабуль муфрад» китеби: 1200-хадис. Албаний «Адабуль муфраддагы сахихтер» китебинде сахих деген (912)

## Төртүнчү: Пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва саллам коргоо тилеген дубалардын булактары:

1 Муслим: 2716. Насаий, «Сунан» китеби: 5524

## Китепте келген хадистердин булагы

2 Бухарий, “Адабуль муфрад” китеби: 716. Албаний «Сахиху жамиус-сагир» китебинде сахих деген (1/694)

3 Муслим: 2739

4 Термизий: 3591. Табароний, “Кабир” китеби: 36. Албаний «Сахихул жаами» китебинде сахих жана хасан деген (1/278)

5 Бухарий: 6616. Муслим: 2707

6 Муслим: 2722

7 Бухарий: 2893. Бул хадистин кээ бир бөлүгүн Муслим дагы риваят кылган: 2706

8 Абу Дауд: 1551. Термизий: 3492. Албаний «Сахихул жаами» китебинде сахих деген (2/811)

9 Бухарий: 6376. Муслим: 589

10 Муслим: 2717

11 Абу Дауд: 1554. Насаий: 5493. Албаний «Сахихул жаами» китебинде сахих деген (1/275)

12 Табароний, “Кабир” китеби: 810-хадис. Албаний «Сахихул жаами» китебинде сахих деген (1299)

13 Ахмад: 2667. Муслим: 2867

## Бешинчи: Рукья дубаларынын булактары:

1 Бухарий: 5749. Муслим: 2201. Термизий, “Сунан” китеби: 2063. Бул китепте пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва саллам “Фатиханы” 7 ирет окуп, дем салганы баяндалган.

2 Муслим: 810. Имам Муслим “Бул – Аллахтын китебиндеги эң улук аят”

деген. Ушундай эле сөздү Бухарий дагы айтып, “Сахих” китебинде “Бул аят жин-шайтандардан да коргонуу үчүн окулат” деп кошумчалаган.

3 Бухарий: 5735-5748-хадистер. Муслим: 2192-хадис.

4 Бухарий: 5742-5743-хадистер

5 Бухарий: 5745-5746-хадистер. Муслим: 2194. Дагы караңыз: “Нававийдин Муслимге жазган шархы” китеби: (14/184)

6 Муслим: 2202

7 Бухарий: 3371

8 Муслим: 2709

9 Абу Дауд: 5088. Ибн Маажжа: 3869. Албаний «Мишкатул масабих» китебинде сахих деген (2391)

10 Муслим: 2186

11 Абу Дауд: 3106. Термизий: 2083. Албаний «Сахихут-таргиб» китебинде сахих деген (3480)

## Алтынчы: Эртели-кеч окула турган дубалардын булактары:

1 Ахмад: 8719. Бин Баз (ага Аллахтын ырайымы жаасын) “Тухфатуль ахяр” деген рисаласында бул хадис жөнүндө: “Иснады хасан” деген.

2 Муслим: 2723

3 Бухарий: 3606

4 Абу Дауд: 5068. Термизий: 3391. Бин Баз: “Бул хадистин иснады сахих”-деген.

5 Ахмад: 6597. Абу Дауд: 5076. Термизий: 3529. Бул хадисти имам Бухарий дагы “Адабуль муфрад”

китебинде риваят кылан. Бин Баз бул хадисти “хасан хадис” деген.

6 Ахмад: 446. Термизий: 10179. Термизий: “Бул хадис хасан-сахих”-деген.

7 Ахмад: 18967. Термизий: 10179. Бин Баз бул хадисти хасан деген.

8 Ахмад, “Муснад” китеби: 4785. Абу Дауд: 5074. Хааким: “Бул хадис сахих”-деген.

9 Ахмад: 7898. Термизий: 3437. Бин Баз: “иснады хасан” деген.

10 Ахмад: 15367-21144-хадистер. Бин Баз: “Бул хадистин иснады сахих”-деген.

11 Насаий: 10405. Баззар: (2/282). Албаний «Силсилатус-сахиха» китебинде «иснады хасан»- деген (1/449)

**Китепте келген хадистердин булагы**

12 Абу Дауд: 5081. Басымдуу пикир боюнча бул хадис мавкуф, бирок марфу өкүмүндө. Албаний ушундай деген. Караңыз: "Силсилатус-сахиха" китеби: (11/449).

اقتداء

العلمية

الوقفية

**“Иктида” илимий вакуф уюму**

Пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва салламдын сүннөттөрүн жана күнүмдүк зикирлерин таратууну максат кылдык

Биз менен байланышууңуз себептүү сүйүнүчтө болобуз

0 0 9 6 6 5 0 3 7 6 6 2 2 2

**doa.eqtidaa.com**

@eqtidaa1

Download on the App Store

ANDROID APP ON Google play